# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 13
# *«Адилет наркты баалоо»*

## Максаты

**1 Ушул стандарт:**

**(a) *адилет нарктын* аныктамасын берет;**

**(b) бир ФОЭСтин алкагында адилет наркты баалоо негиздерин баяндайт; жана**

**(c) адилет наркты баалоо жөнүндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылат.**

2 Адилет нарк – ишкана үчүн мүнөздүү баалоо эмес, рыноктук маалыматтарга негизделген баалоо. Айрым активдерге жана милдеттенмелерге карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук операциялар же рыноктук маалыматтар жеткиликтүү болушу мүмкүн. Башка активдерге жана милдеттенмелерге карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук операциялар же рыноктук маалыматтар жеткиликтүү болушу мүмкүн эмес. Бирок, эки учурда тең адилет наркты баалоонун максаты бирдей – учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата активдерди сатуу же милдеттенмелерди өткөрүп берүү максатында *рыноктун катышуучуларынын* ортосунда *демейки операциялар* жүргүзүлүшү мүмкүн бааны (башкача айтканда аталган активди кармап турган же аталган милдеттенме боюнча карызкор болуп саналган рыноктун катышуучусунун позициясынан баалоо күнүнө карата *чыгуу баасын*) аныктоо.

3 Ушундай эле активге же милдеттенмеге баа рынокто байкоо жүргүзүлбөгөн учурларда, ишкана башка баалоо методун колдонуу менен адилет наркты баалайт, ал релеванттык *байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды* максималдуу колдонууну жана *байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды* минималдуу колдонууну камсыздайт. Адилет нарк рыноктук маалыматтарга негизделген баалоо болуп саналгандыктан, ал тобокелдик жөнүндө божомолду кошкондо, активдин жана милдеттенменин баасын аныктоодо рыноктун катышуучулары эске алышы мүмкүн божомолдорду колдонуу менен аныкталат. Натыйжада, ишкананын активди кармап туруу же жөнгө салуу же болбосо башка жол менен милдеттенмени аткаруу ниети адилет наркты баалоодо мааниге ээ эмес.

4 Адилет нарктын аныктамасында активдерге жана милдеттенмелерге өзгөчө көңүл бурулат, анткени алар бухгалтердик эсеп максаты үчүн негизги баалоо объектиси болуп саналат. Андан тышкары, ушул стандарт адилет нарк боюнча бааланууучу ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине карата колдонулууга тийиш.

## Scope

**5 Ушул стандарт башка ФОЭС адилет нарк боюнча баалоону же адилет наркты баалоо жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүнү талап кылган же уруксат берген учурларда колдонулат (адилет наркка негизделген, сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк сыяктуу баалоону же ушундай баалоо жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүнү кошкондо), 6 жана 7-пункттарда каралган учурлардан тышкары:**

6 Ушул ФОЭСте каралган маалыматтарды баалоого жана ачып көрсөтүүгө коюлган талаптар төмөнкүлөргө карата колдонулбайт:

(a) «*Акцияларга негизделген төлөмдөр*» ФОЭС (IFRS) 2ни колдонуу чөйрөсүндө акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга;

(b) «*Ижара*» ФОЭС (IAS) 16ны колдонуу чөйрөсүндө ижара боюнча операцияларга; жана

(c) адилет нарк менен айрым окшоштугу бар, бирок «*Запастар*» ФОЭС (IAS) 2нин алкагында сатуунун мүмкүн болгон таза баасы же «*Активдердин наркынын түшүшү*» ФОЭС (IAS) 36нын алкагында колдонуу баалуулугу сыяктуу адилет нарк болуп саналбаган баалоолорго.

7 Ушул стандарт менен ачып көрсөтүүнү талап кылган маалыматтарды төмөнкүлөргө карата ачып көрсөтүү талап кылынбайт:

(a) «*Кызматкерлердин сыйакылары*» ФОЭС (IAS) 19га ылайык адилет нарк боюнча бааланууучу программанын активдерине;

(b) «*Пенсиялык программалар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук*» ФОЭС (IAS) 26га ылайык адилет нарк боюнча бааланууучу пенсиялык программанын инвестицияларына; жана

(c) ФОЭС (IAS) 36га ылайык орду толтурулуучу наркы чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркты билдирген активдерге.

8 Ушул стандартта сыпатталган адилет наркты баалоонун негиздери, эгер башка ФОЭС менен адилет наркты колдонуу талап кылынса же уруксат берилсе, баштапкы баалоого карата да жана кийинки баалоого карата да колдонулат.

## Баалоо

### «Адилет нарк» түшүнүгүнүн аныктамасы

**9 Ушул стандарт «адилет нарк» түшүнүгүн баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алынышы мүмкүн же милдеттенмелерди өткөрүп берүүдө төлөнүүчү баа катарында аныктайт.**

10 B2-пункту адилет наркты баалоого карата жалпы мамилени баяндайт.

### Актив же милдеттенме

**11 Адилет наркты баалоо кандайдыр бир конкреттүү активге же милдеттенмеге карата жүргүзүлөт. Ошондуктан, адилет наркты баалоодо ишкана ушундай активдин же милдеттенменин мүнөздөмөлөрүн эске алууга тийиш, эгер рыноктун катышуучулары баалоо күнүнө карата ушул активдин же милдеттенменин баасын аныктоодо ушул мүнөздөмөлөрдү эске алышса. Мындай мүнөздөмөлөр мисалы, төмөнкүлөрдү камтыйт:**

**(a) активдин абалы жана жайгашкан жери; жана**

**(b) сатууга чек коюу же ушундайлар болсо активди колдонуу.**

12 Кандайдыр бир белгилүү мүнөздөмө менен баалоого таасир тийгизүү рыноктун катышуучулары тарабынан ушул мүнөздөмө кантип эске алынары менен айырмаланып турат.

13 Адилет нарк боюнча бааланууучу актив же милдеттенме төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

(a) же өзүнчө актив же өзүнчө милдеттенме (мисалы, финансылык инструмент же финансылык эмес актив);

(b) же активдердин тобу, милдеттенмелердин тобу же активдер менен милдеттенмелердин тобу (мисалы, акча каражаттарынын агымдарын жаратуучу бирдик же бизнес).

 © ФОЭС Фонду

14 Маалыматты таануу максаты үчүн же ачып көрсөтүү максаты үчүн актив же милдеттенме активдердин тобу, милдеттенмелердин тобу же активдер менен милдеттенмелердин тобу боло алабы, ал анын *эсеп бирдигине* көз каранды. Ушул актив же милдеттенме үчүн эсеп бирдиги адилет нарк боюнча аны баалоону талап кылган же уруксат берген ФОЭСке ылайык аныкталат, ушул ФОЭСте каралган учурлардан тышкары.

## Операция

**15 Адилет наркты баалоо учурдагы рыноктун шарттарында баалоо күнүнө карата активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө актив же милдеттенме менен алмаштырууну болжолдойт**.

**16 Адилет наркты баалоо активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында операция жүргүзүлөөрүн болжолдойт**:

**(a) ушул актив же милдеттенме үчүн *негизги болуп саналган рынокто*; же**

**(b) негизги рынок жок болсо, ушул актив же милдеттенме үчүн *кыйла пайдалуу болгон рынокто*.**

17 Ишканага негизги рынокту идентификациялоо үчүн же мындай кыйла пайдалуу рынок жок болсо, бардык болушу мүмкүн рынокторду толугу менен тандоо зарылдыгы жок, бирок ал негизделген жеткиликтүү болуп саналган бардык маалыматтарды эске алууга тийиш. Тескери далилдер жок болсо, активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында ишкана операция жүргүзүшү мүмкүн рынок негизги рынок болуп саналарын же негизги рынок жок болсо, кыйла пайдалуу рынок болуп саналарын болжолдойт.

18 Актив же милдеттенме үчүн негизги рынок болгондо, адилет наркты баалоо, эгер баа баалоо күнүнө карата башка рынокто бир топ пайдалуу болуп саналса дагы, ушул рыноктогу бааны билдирет (бул баа түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү же башка баалоо методун колдонуу менен эсептелген болсо дагы).

19 Ишкана баалоо күнүнө карата ушул негизги (же кыйла пайдалуу) рынокко жеткиликтүү болууга тийиш. Түрдүү ишканалар (жана ушул ишканалардын алкагындагы бизнестер) ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн жүргүзүп, түрдүү рынокторго жеткиликтүү болгондуктан, бир эле актив же милдеттенме үчүн негизги (же кыйла пайдалуу) рынок болуп түрдүү ишканалар (жана ушул ишканалардын алкагындагы бизнестер) үчүн түрдүү рыноктор саналышы мүмкүн. Натыйжада, негизги (же кыйла пайдалуу) рынок (жана рыноктун катышуучулары жөнүндөгү) жөнүндөгү маселени ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн жүргүзгөн ишканалардын ортосундагы айырманын болушуна жол берүү менен ишкананын позициясынан талдоо зарыл.

20 Ишкана аталган рынокко жеткиликтүү болуу керектигине карабастан, ал ошол рынокто колдонулган баанын негизинде адилет наркты баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн баалоо күнүнө карата белгилүү бир активди сатуу же белгилүү бир милдеттенмени өткөрүп берүү абалында болуу зарылдыгы жок

21 Баалоо күнүнө карата активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү баалары жөнүндөгү маалыматтарды камсыздаган байкоо жүргүзүлүүчү рынок жок болсо дагы, адилет наркты баалоо, эгер ушул активди кармап турган же ушул милдеттенме боюнча карызкор болуп саналган рыноктун катышуучусунун позициясынан талдаганда, аталган күнгө карата операция жүргүзүлгөнүн болжолдоого тийиш. Мындай гипотетикалык операция эсептөө аркылуу ушул активди сатуу же ушул милдеттенмени өткөрүп берүү баасын аныктоого мүмкүндүк берген негизди камсыздайт.

## Рыноктун катышуучулары

22 **Ишкана рыноктун катышуучулары өзүлөрүнүн мыкты экономикалык кызыкчылыктарында аракеттенген шартта ушул активге же ушул милдеттенмеге баа коюуда рыноктун катышуучулары колдонулушу мүмкүн божомолдорду пайдалануу менен активдин же милдеттенменин адилет наркын баалоого тийиш.**

23 Ушул божомолдорду түзүүдө ишканага рыноктун конкреттүү катышуучуларын идентификациялоо зарылдыгы туулбайт. Анын ордуна ишкана рыноктун катышуучуларын айырмалаган жалпы мүнөздөмөлөрдү идентификациялоого тийиш жана төмөнкүдө саналгандарга тийиштүү факторлорду эске алышы керек

(a) активге же милдеттенмеге;

(b) актив же милдеттенме үчүн негизги (же кыйла пайдалуу) рынокко; жана

(c) ушул рынокто ишкана бүтүм бекитиши мүмкүн рыноктун катышуучуларына.

## Баа

24 **Адилет нарк – учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата негизги (же кыйла пайдалуу) рынокто демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алынышы же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнүшү мүмкүн баа (башкча айтканда чыгуу баасы), мындай баа түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналаарына же башка баалоо методун колдонуу менен эсептелээрине көз каранды эмес.**

25 Ушул активдин же милдеттенменин адилет наркын баалоо үчүн колдонулган негизги (же кыйла пайдалуу) рыноктун баасы *операциялык чыгымдарга* карата оңдолбошу керек. Операциялык чыгымдар башка ФОЭСке ылайык эсепке алууда көрсөтүлүүгө тийиш. Операциялык чыгымдар активдин же милдеттенменин мүнөздөмөсү болуп саналбайт; алар көбүнчө операция үчүн мүнөздүү болуп саналат жана ишкана актив же милдеттенме боюнча кантип бүтүм бекиткенине карата айырмаланат.

26 Операциялык чыгымдарга *транспорттук чыгымдар* кирбейт. Эгер жайгашкан жери активдин мүнөздөмөсү болуп саналса (мисалы, биржалык товар менен болушу мүмкүн), негизги (же кыйла пайдалуу) рыноктун баасы чыгымдарды эске алуу менен оңдоп-түзөтүлүшү керек, мындай болгондо активди учурдагы жайгашкан жеринен аталган рынокко жеткирүү максатында тартылышы мүмкүн.

## Финансылык эмес активдерге карата колдонуу

### Финансылык эмес активдерге карата эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу

27 **Финансылык эмес активдин адилет наркын баалоо активди *эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу* аркылуу же ушул активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонушу мүмкүн рыноктун башка катышуучусуна аны сатуу аркылуу рыноктун катышуучусунун экономикалык пайда табуу жөндөмүн билдирет.**

28 Финансылык эмес активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу үчүн физикалык жактан мүмкүн, юридикалык жактан жол берилген жана финансылык жактан ишке ашырылуучу болуп саналган активди колдонуу эске алынат, алар төмөнкүдөй баяндалат:

(a) Физикалык жактан мүмкүн колдонуу ушул активге баа коюуда рыноктун катышуучулары көңүлгө алышы мүмкүн активдин физикалык

 © ФОЭС Фонду

мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен аныкталат (мисалы, кыймылсыз мүлк объектисинин жайгашкан жери же өлчөмү).

(b) Юридикалык жактан жол берилген колдонуу ушул активге баа коюуда рыноктун катышуучулары көңүлгө алышы мүмкүн активди колдонууга бардык юридикалык чектөөлөрдү эске алуу менен аныкталат (мисалы, кыймылсыз мүлк объектисине колдонулуучу аймактык эрежелер).

(c) Финансылык жактан ишке ашырылуучу колдонуу рыноктун катышуучулары тийиштүү колдонулуучу ушул активге салган инвестициядан талап кылган инвестициялык кирешени камсыз кылуу үчүн физикалык жактан мүмкүн жана юридикалык жеткиликтүү колдонуу жетиштүү кирешени же акча каражаттарынын агымын түзө алаарын эске алуу менен аныкталат (активди ушундай колдонуу максатында аны кайра түзүүгө кеткен чыгымдарды эске алуу менен).

29 Эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу, эгер ишкана башка колдонууну караган учурда дагы, рыноктун катышуучусунун позициясы менен аныкталат. Бирок, ишкананын финансылык эмес активди учурдагы колдонуусу, рыноктук же башка факторлор рыноктун катышуучуларынын ушул активди башкача колдонуусу анын наркынын максималдуу кымбатташына алып келиши мүмкүн учурлардан тышкары, эң мыкты жана кыйла натыйжалуу деп саналат.

30 Өзүнүн атаандаштык абалын сактоо максатында же башка себептер менен ишканада сатып алган финансылык эмес активди активдүү колдонуудан баш тартуу ниети же ушул активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу болбогондой колдонуу ниети болушу мүмкүн. Мисалы, ишкана сатып алган материалдык эмес активди «коргоо» максатында, башка адамдар аны колдонбогондой кылып пайдаланууну пландаган учурлар. Ошого карабастан, ишкана рыноктун катышуучулары аны эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонушуна карата финансылык эмес активдин адилет наркын баалоого тийиш.

### Финансылык эмес активдерди баалоонун базалык шарты

31 Финансылык эмес активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу активдин адилет наркын баалоо үчүн колдонулуучу базалык баалоо шартын белгилейт, ал төмөнкүдөй баяндалат:

(a) Финансылык эмес активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу башка активдер менен бир топ катарында айкалыштырып колдонуу (колдонуу максатында аларды белгилөө же башкача конфигурациялоо) же башка активдер жана милдеттенмелер менен (мисалы, бизнес) айкалыштырып колдонуу аркылуу рыноктун катышуучулары үчүн ушул активдин максималдуу наркын камсыз кыла алат.

(i) Эгер активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу активди башка активдер менен же башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонууда турса, анда ушул активдин адилет наркы – ал башка активдер менен же башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонулат жана аталган активдер жана милдеттенмелер (башкача айтканда аны толуктаган активдер жана аны менен байланышкан милдеттенмелер) рыноктун катышуучуларына жеткиликтүү болот деген божомолго карата ушул активди сатуу боюнча учурдагы операциянын алкагында алынышы мүмкүн баа.

(ii) Ушул актив менен байланышкан жана анын активдерин толуктаган милдеттенмелер жүгүртүү капиталын каржылоону камсыздаган милдеттенмелерди камтыйт, бирок ушул активдердин тобуна кирбеген активдерди каржылоо үчүн колдонулуучу милдеттерди камтыбайт.

(iii) Финансылык эмес активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонууга карата божомолдор ушул актив колдонулушу мүмкүн активдердин тобунун же активдердин жана милдеттенмелердин тобунун бардык активдерине карата ырааттуу колдонулууга тийиш (эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу түшүнүгү релеванттуу болгондор үчүн).

(b) Финансылык эмес активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу рыноктун катышуучуларына өз алдынча актив катарында ушул активдин максималдуу наркын камсыздай алат. Эгер активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу аны өз алдынча актив катарында колдонууда турса, анда активдин адилет наркы – активди өз алдынча актив катарында колдонушу мүмкүн рыноктун катышуучуларынын ушул активди сатуу боюнча учурдагы операциянын алкагында алынышы мүмкүн баа.

32 Финансылык эмес активдин адилет наркын баалоо башка ФОЭСте каралган ошол эсеп бирдигине (мындай бирдик болуп өзүнчө актив саналышы мүмкүн) ылайык активди сатууну болжолдойт. Мындай ыкма адилет наркты баалоо активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу аны башка активдер менен же башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонууда тургандыгын, адилет наркты баалоо рыноктун катышуучусу ушул активди толуктаган активдерге жана аны менен байланышкан милдеттенмелерге ээ экендигин болжолдогон учурда дагы колдонулат

33 В3-пункту финансылык эмес активдерди баалоонун базалык шарты түшүнүгүн колдонууну баяндайт.

## Ишкананын милдеттерине жана өздүк үлүштүк инструменттерине карата колдонуу

### Жалпы принциптер

**34 Адилет наркты баалоо ишкананын финансылык же финансылык эмес милдеттенмелерин же болбосо өздүк үлүштүк инструментин (мисалы, бизнестерди бириктирүүдө ордун толтуруу катарында чыгарылган капиталдагы үлүштөрдү) рыноктун катышуучусуна өткөрүп берүү баалоо күнүнө карата жүргүзүлөөрүн болжолдойт. Ишкананын милдеттенмелерин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүү төмөнкүнү болжолдойт:**

**(a) Милдеттенме төлөнбөгөн боюнча калат жана алуучу болуп саналган рыноктун катышуучусу тийиштүү милдетти аткарууга тийиш. Милдеттенме контрагент менен жөнгө салынбайт же баалоо күнүнө карата башка жол менен төлөнбөйт.**

**(b) Ишкананын өздүк үлүштүк инструменти чыгарылган бойдон калат, ал эми алуучу болуп саналган рыноктун катышуучусу ушул инструмент менен байланышкан укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат. Инструмент жокко чыгарылбайт же баалоо күнүнө карата башка жол менен төлөнбөйт.**

35 Ишкананын милдеттенмелерин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүү бүтүмдөрү боюнча баа маалыматынын булагы болуп саналган байкоо жүргүзүлүүчү рынок жок болсо дагы (мисалы, анткени келишимдик же башка юридикалык чектөөлөр мындай объекттерди өткөрүп берүүгө тоскоолдук кылат), эгер мындай


© ФОЭС Фонду

объекттерди башка тараптар активдер катарында кармап турса, мындай объекттер үчүн байкоо жүргүзүүчү рыноктун болушу мүмкүн (мисалы, корпоративдик облигация же ишкананын акциясына колл-опцион).

36 Бардык учурларда ишкана адилет наркты баалоо максатына жетүү үчүн релеванттык байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу колдонууга жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды минималдуу колдонууга тийиш, ал учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө милдеттенмелерди же үлүштүк инструментти өткөрүп берүү жүргүзүлө турган бааны аныктоодо турат.

*Башка тараптар активдер катарында кармап турган милдеттенмелер жана үлүштүк инструменттер*

**37 Эгер ишкананын окшош же ушундай милдеттенмелерин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүү боюнча баа котировкасы жеткиликтүү болбосо жана окшош объект башка тараптан актив катарында кармалып турса, ишкана баалоо күнүнө карата ушул окшош объектти актив катарында кармап турган рыноктун катышуучусунун позициясынан ушул милдеттенменин же үлүштүк инструменттин адилет наркын баалоого тийиш.**

38 Мындай учурларда ишкана милдеттенменин же үлүштүк инструменттин адилет наркын төмөнкүдөй баалоого тийиш:

(a) эгер ушул баа жөнүндө маалымат жеткиликтүү болсо, башка тараптын актив катарында кармап турган окшош объектке карата *активдүү рынокто* баа котировкасын колдонуу менен;

(b) мындай баа жөнүндө маалымат жок болсо, башка тараптын актив катарында кармап турган окшош объект үчүн активдүү болуп саналбаган рынокто баа котировкасы сыяктуу башка байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды колдонуу менен;

(c) (a) жана (b) пункттчаларында сыпатталган байкоо жүргүзүлүүчү баалар жөнүндө маалымат жок болсо, төмөнкүдөй башка баалоо методун колдонуу менен:

   (i) *кирешелүү ыкма* (мисалы, рыноктун катышуучусу актив катарында кармап турган милдеттенмеден же үлүштүк инструменттен келечекте алууну көздөгөн акча каражатынын агымынын келтирилген наркын эсептөө; B10 жана B11-пункттарын караңыз);

   (ii) *рыноктук ыкма* (мисалы, башка тараптардын актив катарында кармап турган ушундай милдеттенмеге же үлүштүк инструментке карата баа котировкасын колдонуу менен; B5–B7-пункттарын караңыз).

39 Ишкана башка тараптын актив катарында кармап турган ишкананын милдеттенмесине же өздүк үлүштүк инструментине карата баа котировкасын оңдоп-түзөтүүгө тийиш, эгер аталган милдеттенменин же үлүштүк инструменттин адилет наркын баалоого колдонулбаган факторлор ушул актив үчүн мүнөздүү болушу орун алса гана. Ишкана активдин баасы ушул активди сатууга жол бербеген чектөөлөргө таасир тийгизбешине ынанууга тийиш. Активдин баа котировкасы оңдоп-түзөлүүгө тийиштигин көрсөткөн айрым факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) Активдин баа котировкасы башка тараптын актив катарында кармап турган ушундай (бирок окшош эмес) милдеттенмеге же үлүштүк инструментке кирет. Мисалы, милдеттенме же үлүштүк инструмент актив катарында кармалып турган ушундай милдеттенменин же үлүштүк инструменттин адилет наркында чагылдырылгандан айырмаланып кандайдыр бир өзгөчө мүнөздөмөгө ээ болушу мүмкүн (мисалы, эмитенттин кредитти төлөө жөндөмдүүлүгү).

(b) Актив үчүн кабыл алынган эсеп бирдиги милдеттенме же үлүштүк инструмент үчүн кабыл алынган эсепке алуу бирдигинен айырмаланып турат. Мисалы, айрым учурларда милдеттенмелерге колдонулган активге баа эмитенттен алынган сумманы камтыган пакеттин комбинирленген баасын жана үчүнчү тараптар берген кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын чагылдырат. Эгер милдеттенмеге карата эсеп бирдиги аталган комбинирленген пакетке карата ушундай болуп саналбаса, анда баалоонун максаты болуп комбинирленген пакеттин адилет наркын эмес, эмитенттин милдеттенмесинин адилет наркын аныктоо саналат. Ошентип, мындай учурларда ишкана үчүнчү тарап берген кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарынын натыйжасын жоюу үчүн тийиштүү активге байкоо жүргүзүлүүчү бааны оңдоп-түзөтүшү керек болот.

*Башка тараптар активдер катарында кармап турбаган милдеттенмелер жана үлүштүк инструменттер*

40 **Эгер ишкананын окшош же ушундай милдеттенмелерин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүү боюнча баа котировкасы жеткиликтүү болбосо жана окшош объект башка тараптан актив катарында кармалып турбаса, ишкана аталган милдеттенме боюнча карызкор болуп саналган же өздүк капиталга карата аталган талаптардын укугун жарыялаган рыноктун катышуучусунун позициясынан, кандайдыр бир баалоо методун колдонуу менен, аталган милдеттенменин же үлүштүк инструменттин адилет наркын баалоого тийиш.**

41 Мисалы, ишкана келтирилген наркты эсептөөгө негизделген методду колдонуу менен төмөнкүдөй көлөмдүн бардыгын эске алат:

(a) рыноктун катышуучусу тийиштүү милдеттерди аткарууга байланыштуу күткөн келечекте акча каражаттарынын чыгышы, рыноктун катышуучусу аталган милдеттерди өзүнө алгандыгы үчүн талап кылган компенсацияны кошкондо (B31–B33-пункттарды караңыз);

(b) ушундай эле келишимдик шарттарга ээ милдеттенмени же үлүштүк инструментти чыгарууга колдонулган негизги (же кыйла пайдалуу) рынокто окшош объектке баа коюуда (мисалы, ушундай эле кредиттик мүнөздөмөлөрдүн болушу) рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду пайдаланууга эсептелген окшош милдеттенмени же үлүштүк инструментти кабыл алгандыгы же чыгаргандыгы үчүн рыноктун катышуучулары алышы мүмкүн сумма.

## Милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги

42 **Милдеттенменин адилет наркы *милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигине* таасир тийгизет. Милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги ишкананын өзүнүн кредиттик тобокелдигин камтыйт (ушул термин «*Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 7де аныкталгандай), бирок аны менен гана чектелбейт. Милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги ошол милдеттенмени өткөрүп бергенге чейин дагы жана андан кийин дагы бирдей болуп саналаары болжолдонот.**

43 Милдеттенменин адилет наркын баалоодо ишкана өзүнүн кредиттик тобокелдигинин (кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнүн) натыйжасын жана тийиштүү милдеттенменин аткарылышына же аткарылбашына таасир тийгизиши мүмкүн башка бардык факторлорду эске алууга тийиш. Мындай таасир милдеттенменин өзүнө карата түрдүү болушу мүмкүн, мисалы:

 © ФОЭС Фонду

(a) ушул милдеттенме акча каражаттарын төлөө (финансылык милдеттенме) милдети же товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү милдети (финансылык эмес милдеттенме) болуп саналаары;

(b) милдеттенмеге байланышкан кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттары берилген шарттар, мындай болсо.

44 Милдеттенменин адилет наркы тийиштүү эсеп бирдигине карата аны аткарбоо тобокелдигине таасир тийгизет. Чыгарылган милдеттенме үчүнчү тараптан берилген, эсепке алууда милдеттенмеден өзүнчө чагылдырылган кредиттик сапатты жогорулатуунун бөлүнгүс механизмин караган учурда, ушул милдеттенменин эмитети ушул милдеттенменин наркын туура баалоодо кредиттик сапатты жогорулатуунун ушул механизмине (мисалы, үчүнчү жак тарабынан берилген карызды төлөө кепилдиги) таасир тийгизбеши керек. Эгер кредиттик сапатты жогорулатуу механизми эсепке алууда милдеттенмеден өзүнчө чагылдырылса, анда ушул милдеттенменин адилет наркын баалоодо эмитентке кепил берүүчүнүн – үчүнчү жактын кредиттик аброюн эмес, өзүнүн кредиттик аброюн эске алууга туура келет.

### Ишкананын милдеттенмесин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүүгө жол бербеген чектөөлөр

45 Ишкананын милдеттенмесинин же өздүк үлүштүк инструментинин адилет наркын баалоодо бул ишкана айрым баштапкы параметрди же тийиштүү объектти өткөрүп берүүгө жол бербеген чектөөлөрдүн болушуна байланышкан башка баштапкы маалыматтарга оңдоп-түзөө киргизе албайт. Ишкананын милдеттенмесин же өздүк үлүштүк инструментин өткөрүп берүүгө жол бербеген чектөөнүн натыйжасы адилет наркты баалоодо колдонулуучу башка баштапкы маалыматтарда ачык эмес же ачык чагылдырылат.

46 Мисалы, операция күнүнө карата эки тарап тең – кредитор дагы жана дебитор дагы – милдеттенме аны өткөрүп берүүгө жол бербеген чектөөнү камтыгандыгы жөнүндө толугу менен кабардар болуу менен ушул милдеттенме боюнча операциянын баасын кабыл алышты. Чектөө операциянын баасында эске алынгандыктан, өткөрүп берүүгө чектөөнүн таасирин чагылдыруу үчүн операция күнүнө карата эч кандай өзүнчө параметр же болгон баштапкы маалыматтарды оңдоп-түзөө талап кылынбайт. Ушундай эле кийинки баалоонун күнүнө карата дагы өткөрүп берүүгө чектөөнүн таасирин чагылдыруу үчүн өзүнчө параметрге же болгон баштапкы маалыматтарга оңдоп-түзөө киргизүү талап кылынбайт.

### Талап боюнча төлөөгө жол берген финансылык милдеттенме

47 Талап боюнча төлөөгө жол берген финансылык милдеттенменин адилет наркы (мисалы, талап боюнча төлөнүүчү депозит) ал талап кылынган учурда төлөнүүгө тийиш, аны төлөө талап кылынганда биринчи күндөн тартып дисконттолгон суммадан кем болбоого тийиш.

## Рыноктук тобокелдиктер же контрагенттин кредиттик тобокелдиги боюнча компенсациялаган позициялар менен финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге карата колдонуу

48 Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобун кармап турган ишкана ар бир контрагент боюнча рыноктук тобокелдиктерге (бул термин ФОЭС (IFRS) 7де аныкталгандай) жана кредиттик тобокелдикке (бул термин ФОЭС (IFRS) 7де аныкталгандай) дуушар болот. Эгер ишкана нетто-негизде же рыноктук тобокелдиктерге же кредиттик тобокелдикке дуушар болуунун натыйжасында финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин ушундай тобун башкарса, анда ишкана адилет наркты баалоого карата ушул стандарттын талаптарынан өзгөчө учурду колдонуу укугуна ээ. Бул өзгөчө учур учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки

операциянын жүрүшүндө конкреттүү тобокелдик боюнча неттону – узун позицияны (башкача айтканда активди) сатуудан алынышы мүмкүн же конкреттүү тобокелдик боюнча неттону – кыска позицияны (башкача айтканда милдеттенмени) өткөрүп берүү максатында төлөнүшү мүмкүн баанын негизинде ишканага финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобунун адилет наркын баалоого мүмкүндүк берет. Натыйжада, ишкана баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучулары нетто-негизге дуушар болуу тобокелдигине баа коюусуна ылайык финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин ушул тобунун адилет наркын баалоого тийиш

49 Ишкана 48-пунктта каралган артыкчылыктардан пайдаланууга укуктуу, эгер ал төмөнкүдөй бардык шарттарга туура келсе гана:

(a) ишкананын тобокелдиктерди башкаруу боюнча документ менен таризделген стратегиясына же анын инвестициялык стратегиясына ылайык өзүнүн нетто-негизде конкреттүү рыноктук тобокелдикке (же тобокелдикке) же конкреттүү контрагент боюнча кредиттик тобокелдикке дуушар болуусунун негизинде финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобун башкарат;

(b) ал ушул эле негизде финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобу жөнүндө маалыматты негизги башкаруучу персоналга берет, бул термин «*Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IAS) 24тө аныкталган; жана

(c) ал ар бир отчеттук мезгилдин аягында финансылык абалы жөнүндөгү отчетто чагылдыруу үчүн адилет нарк боюнча финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин маалыматтарын баалоого милдеттүү же чечим кабыл алды.

50 48-пунктта каралган өзгөчө учур финансылык абал жөнүндөгү отчетто маалымат берүүгө тийиштүү эмес. Айрым учурларда финансылык абалы жөнүндөгү отчетто финансылык инструменттерди берүү үчүн негиз финансылык инструменттерди баалоо үчүн негизден айырмаланат, мисалы, эгер кандайдыр бир ФОЭС нетто-негизде финансылык инструменттерди берүүнү талап кылбаса же уруксат бербесе. Мындай учурларда ишкананын нетто-негизде тобокелдикке дуушар болуусуна карата башкарылуучу финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобун түзгөн айрым активдердин же милдеттенмелердин ортосундагы портфелдин деңгээлинде киргизилген оңдоп-түзөтүүлөрдү бөлүштүрүү зарыл болушу мүмкүн (53–56-пункттарды караңыз). Ишкана түзүлгөн кырдаалдарда ыңгайлуу методологияны колдонуу менен мындай бөлүштүрүүнү акылга сыярлык жана ырааттуу негизде жүргүзүүгө тийиш.

51 Ишкана «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8дин талаптарына ылайык 48-пунктта каралган өзгөчө учурларды пайдалануу жөнүндө эсеп саясатын тандоо тууралуу чечим кабыл алышы керек. Ушул өзгөчө учурду колдонгон ишкана сатып алуучу менен сатуучунун бааларынын ортосундагы спрэдге байланышкан оңдоп-түзөөлөрдү (53-55-пункттарды караңыз) жана кредиттик тобокелдикке байланышкан оңдоп-түзөөлөрдү (56-пунктту караңыз) бөлүштүрүүгө болгон ыкманы кошкондо, тандалган эсепке алуу саясатын колдонууга тийиш, эгер конкреттүү портфелге карата мезгилден мезгилге ырааттуу колдонулса.

52 48-пунктта каралган өзгөчө учур «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык активдерге, финансылык милдеттенмелерге жана башка келишимдерге гана колдонулат (же «*Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо*» ФОЭС (IAS) 39, эгер ФОЭС (IFRS) 9 колдонула элек болсо). 48–51 жана 53–56-пункттарында келтирилген финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге шилтемелерди ФОЭС (IFRS) 9ду (же ФОЭС (IAS) 39, эгер ФОЭС (IFRS) 9 колдонула элек болсо) колдонуу чөйрөсүндө турган жана «*Финансылык инструменттер: маалымат берүү*» ФОЭС (IAS) 32ге ылайык алар финансылык

 © ФОЭС Фонду

активдердин жана финансылык милдеттенмелердин аныктамаларына жооп бергендигине/жооп бербегендигине карабастан, ушул стандарттарга ылайык эске алынуучу бардык келишимдерге кирет деп эсептөө керек.

### Рынок тобокелдиктерине дуушар болуу

53 48-пунктта каралган өзгөчө учурду колдонгон учурда, нетто-негизде ишкананын конкреттүү рыноктук тобокелдикке (же тобокелдиктерге) дуушар болушуна карата башкарылуучу финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобунун адилет наркын баалоо үчүн ишкана нетто-негизде ишкананын ушул рыноктук тобокелдиктерде дуушар болушуна карата түзүлгөн кырдаалда адилет нарк боюнча бир топ мүнөздүү болуп саналган сатып алуучунун баасы менен сатуучунун баасынын ортосундагы спрэддин чегинде бааны колдонууга тийиш (70 жана 71-пункттарды караңыз).

54 48-пунктта каралган өзгөчө учурду колдонгон учурда, ишкана финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин ушул тобунун алкагында ишкана дуушар болгон рыноктук тобокелдик (же тобокелдиктер) маңызы боюнча окшош экендигине күбөлөнүүгө тийиш. Мисалы, ишкана финансылык актив менен байланышкан пайыздык тобокелдикти жана финансылык милдеттенме менен байланышкан товарларга бааны өзгөртүү тобокелдигин бириктире албайт, анткени мындай бириктирүү ишкананын пайыздык тобокелдикке же товарга бааны өзгөртүү тобокелдигине дуушар болушун азайтууга алып келмек эмес. 48-пунктта каралган өзгөчө учурду колдонгон учурда, рыноктук тобокелдиктин параметрлеринин бирдей эместигинин натыйжасында пайда болгон бардык базалык тобокелдик ушул топтун алкагында финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобунун адилет наркын баалоодо эске алынууга тийиш.

55 Ишкананын финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге байланыштуу пайда болгон конкреттүү рыноктук тобокелдикке (же тобокелдиктерге) дуушар болушунун ушундай узактыгы маңызы боюнча бирдей болушу керек. Мисалы, ушундай финансылык активдерден жана финансылык милдеттенмелерден гана турган топтун курамына кирген беш жылдык финансылык инструмент боюнча пайыздык тобокелдик менен байланышкан 12 айдын ичинде акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүн компенсациялоо үчүн 12 айлык фьючерстик келишимди колдонгон ишкана пайыздык тобокелдикке дуушар болуунун адилет наркын 12 айдын ичинде нетто-негизде баалайт, ал эми пайыздык тобокелдикке дуушар болуунун калган бөлүгүн (башкача айтканда экинчи жылдан бешинчи жылга чейин) – брутто-негизде баалайт.

### Конкреттүү контрагент менен байланышкан кредиттик тобокелдикке дуушар болуу

56 48-пунктта каралган өзгөчө учурду колдонгон учурда, конкреттүү контрагент менен операция жүргүзүүнүн натыйжасында пайда болгон финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобунун адилет наркын баалоо үчүн ишкана нетто-негизде ишкананын ушул контрагент боюнча кредиттик тобокелдикке дуушар болуу же нетто-негизде ушул ишкана боюнча контрагенттин кредиттик тобокелдикке дуушар болуу натыйжасын адилет наркты баалоого киргизиши керек, эгер рыноктун катышуучулары дефолт болгон учурда кредиттик тобокелдикке дуушар болууну төмөндөткөн бардык колдонулган макулдашууларды эске алышса (мисалы, контрагент менен неттинг жөнүндө башкы макулдашуу же ар бир тараптын нетто-негизде башка тарап менен байланышкан кредиттик тобокелдикке дуушар болушунун негизинде камсыздоо менен алмашууну талап кылган макулдашуу). Адилет наркты баалоо рыноктун катышуучуларынын дефолт болгон учурда мындай макулдашуу юридикалык жактан корголот деген ниетин чагылдырууга тийиш.

### Баштапкы таануудагы адилет нарк

57 Ушул активге же милдеттенмеге карата жүргүзүлгөн алмашуу операциясынын алкагында актив сатып алынса же милдеттенме кабыл алынса, мындай операциянын баасы – ушул активди сатып алуу максатында төлөнгөн же ушул милдеттенмени өзүнө кабыл алгандыгы үчүн алынган баа (*кирүү баасы*). Тескерисинче, ушул активдин же милдеттенменин адилет наркы активди сатуудан алынган же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында төлөнгөн бааны түшүндүрөт (чыгуу баасы). Ишканалар активдерди дайыма эле аларды сатып алган баада сатышпайт. Ушундай эле ишканалар милдеттенмелерди дайыма эле аларды кабыл алган баада өткөрүп бербейт.

58 Көп учурларда операциянын баасы адилет нарк менен теңделет (мисалы, операциянын күнүнө карата активди сатып алуу боюнча операция ошол актив сатылышы мүмкүн рынокто жүргүзүлгөн учурлар бар).

59 Баштапкы таанууда адилет нарк операциянын баасы менен тең болобу деген маселени чечүүдө ишкана ушул операция үчүн жана ушул актив же милдеттенме үчүн мүнөздүү факторлорду эске алышы керек. В4-пунктунда операциянын баасы баштапкы танууда активдин же милдеттенменин адилет наркын көрсөтпөгөн кырдаалдар баяндалат.

60 Эгер кандайдыр бир башка ФОЭС ишканадан баштапкы таанууда активди же милдеттенмени адилет наркы боюнча баалоону талап кылса же уруксат берсе жана ошол эле учурда операциянын баасы адилет нарктан айырмаланып турса, ишкана мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында пайда болгон пайданы же зыянды таанууга тийиш, аталган ФОЭС башканы караган учурлардан тышкары.

### Баалоо меоддору

**61 Ишкана ушундай кырдаалдарда жөндүү жана адилет наркты баалоо үчүн жетиштүү маалыматтар жеткиликтүү болгон жана релеванттык байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу пайдаланууга мүмкүндүк берген жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды колдонууну жокко чыгарган баалоо методдорун колдонушу керек**.

62 Кандайдыр бир баалоо методун колдонуунун максаты эсептөө аркылуу бааны аныктоодо турат, мында активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү боюнча демейки операция учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда жүргүзүлүшү мүмкүн. Кеңири колдонулган үч баалоо методу болуп рыноктук ыкма, *чыгымдуу ыкма* жана кирешелүү ыкма саналат. Ушул ыкмалардын негизги аспекттери В5–В11-пункттарында кыскача сыпатталган. Адилет наркты баалоо үчүн ишкана ушул ыкмалардын бир же бир нечесине тийиштүү баалоо методдорун колдонууга тийиш.

63 Айрым учурларда бир баалоо методун колдонуу туура болот (мисалы, окшош активдер же милдеттенмелер үчүн активдүү рынокто баа котировкасын колдонуу менен активди же милдеттенмени баалоодо). Башка учурларда бир нече баалоо методдорун колдонуу туура болот (мисалы, мындай зарылдык акча каражаттарынын агымдарын жаратуучу бирдикти баалоодо пайда болушу мүмкүн). Эгер адилет наркты баалоо үчүн бир нече баалоо методдору колдонулса, анда алынган жыйынтыктарды (башкача айтканда адилет нарктын тийиштүү индикаторлору) алынган жыйынтыктар менен белгиленген адилет нарктык диапазонду эске алуу менен баалоо керек. Адилет наркты баалоо түзүлгөн кырдаалдарда адилет наркка көбүрөөк мүнөздүү болгон ушул диапазондун чегиндеги көлөмдү түшүндүрөт.

64 Эгер операциянын баасы баштапкы таанууда адилет наркты көрсөтсө жана кийинки мезгилдерде адилет наркты баалоо үчүн байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар колдонулган баалоо методу пайдаланылса, мындай баалоо методу баштапкы таанууда ушул ыкманын жардамы менен алынган баанын жыйынтыгы операциянын баасы менен тең келгендей болуп жөнгө салынууга тийиш. Ушул баалоо

методу учурдагы рыноктук шарттарды чагылдыруусу үчүн жөнгө салуу зарыл жана ал ишканага баалоо методуна оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү зарыл/зарыл эместигин аныктоого жардам берет (мисалы, актив же милдеттенме ушул баалоо методунда эске алынбаган мүнөздөмөгө ээ болушу мүмкүн). Байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар колдонулган баалоо методун же методдорун пайдалануу менен адилет наркты баалоодо баштапкы таануудан кийин ишкана ушул баалоо методдору баалоо күнүнө карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтарды (мисалы, ушундай активге же милдеттенмеге бааны) чагылдырарына ынанууга тийиш.

65 Адилет наркты баалоо үчүн колдонулган баалоо методдору ырааттуу колдонулушу керек. Бирок баалоо методуна өзгөртүүлөрдү киргизүү же аны колдонуу (мисалы, баалоонун көптөгөн үлгүлөрүн колдонууда анын салыштырма салмагын өзгөртүү же баалоо методуна карата колдонулуучу оңдоп-түзөтүүнү өзгөртүү) туура болуп саналат, эгер мындай өзгөртүү түзүлгөн кырдаалдарда адилет наркка карата бирдей даражада же көбүрөөк мүнөздүү болгон бааны алууга алып келсе. Мындай зарылдык пайда болушу мүмкүн, эгер, мисалы, төмөнкү окуялардын каалаганы болсо:

(a) жаңы рыноктор өнүксө;;

(b) жаңы маалымат жеткиликтүү болсо;

(c) мурда колдонулуучу маалымат эми жеткиликтүү болбосо;

(d) баалоо методдору жакшыртылса; же

(e) рыноктук шарттар өзгөрүлсө.

66 Баалоо методун өзгөртүүнүн же аны колдонуунун жыйынтыгында пайда болгон түзөтүүлөр ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эсепке алууда бухгалтердик баалоону өзгөртүү катарында чагылдырылууга тийиш. Бирок баалоо методун өзгөртүүнүн же аны колдонуунун жыйынтыгында пайда болгон түзөтүүлөр боюнча ФОЭС (IAS) 8де талап кылынган бухгалтердик баалоону өзгөртүү жөнүндөгү маалыматты ачып көрсөтүүнүн кереги жок.

## Баалоо методдору үчүн баштапкы маалыматтар

### *Жалпы принциптер*

**67 Адилет наркты баалоо үчүн колдонулган баалоо методдору релеванттык байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу пайдалануусу жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды колдонууну жокко чыгаруусу керек**.

68 Баштапкы маалыматтар айрым активдер же милдеттенмелер үчүн (мисалы, финансылык инструменттер) байкоо жүргүзүлүүчү болушу мүмкүн рыноктордун мисалдары биржалык рыноктору, дилердик рыноктору, брокердик ортомчулук рынокторун жана принципалдар рынокторун камтыйт (B34-пунктту караңыз).

69 Ишкана ушул актив же милдеттенме боюнча операцияны жүргүзүүдө рыноктун катышуучулары эске алышы мүмкүн активдин жана милдеттенменин мүнөздөмөлөрүнө тийиштүү баштапкы маалыматтарды тандашы керек (11 жана 12-пункттарды караңыз). Айрым учурларда мындай мүнөздөмөлөр премия же дисконт (мисалы, контроль үчүн премия же катышуунун контролдонбоочу үлүшү үчүн дисконт) сыяктуу оңдоп-түзөө зарылдыгына алып келет. Бирок, адилет наркты баалоо ушул адилет наркты баалоону талап кылган же уруксат берген стандартта каралган эсеп бирдиги менен макулдашылбаган премияны же дисконтту камтыбашы керек (13 жана 14-пункттарды караңыз). Ишканада болгон активдердин жана милдеттенмелердин көлөмүнүн өлчөмүн тийиштүү активдин же милдеттенменин мүнөздөмөсү катарында эмес (мисалы, контролдоочу үлүштүн адилет наркын баалоодо контроль үчүн премия), анын мүнөздөмөсү катарында (тактап айтканда 80-пунктта баяндалгандай, ишканада болгон активдердин жана милдеттенмелердин

санын камтышы үчүн рыноктогу демейки суткалык соода көлөмү жетиштүү болбогондугуна байланыштуу активдин же милдеттенменин баа котировкасын оңдоп-түзөтүү блок фактору) чагылдырган премияларды же дисконтторду адилет наркты баалоодо эске алууга уруксат берилбейт. Бардык учурларда, эгер актив же милдеттенме үчүн активдүү рыноктун баа котировкасы болсо (башкача айтканда *1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар),* адилет наркты баалоодо ишкана аталган бааны оңдоп-түзөтүүсүз колдонууга тийиш, 79-пунктта баяндалган учурлардан тышкары.

## Сатуучунун жана сатып алуучунун бааларына негизделген баштапкы маалыматтар

70 Эгер адилет нарк боюнча бааланган актив же милдеттенме сатып алуучунун баасына жана сатуучунун баасына ээ болсо (мисалы, дилердик рыноктон баштапкы маалыматтар), түзүлгөн кырдаалдарда адилет наркка көбүрөөк мүнөздүү болгон сатып алуучунун баасы менен сатуучунун баасынын ортосундагы спрэддин чегиндеги баа баштапкы маалыматтардын ушул параметри адилет нарктын иерархиясынын кайсы деңгээлине киргизилгенине карабастан, адилет наркты баалоо үчүн колдонулууга тийиш (башкача айтканда 1, 2 же 3-деңгээлдерине; 72–90-пункттарды караңыз). Активдердин позициясы боюнча сатып алуучунун баасын жана милдеттенмелердин позициясы боюнча сатуучунун баасын колдонууга жол берилет, бирок милдеттүү болуп саналбайт.

71 Ушул ФОЭС практикалык мүнөздү жөнөкөйлөтүү катарында - орточо рыноктук бааларды же сатып алуучунун баасы менен сатуучунун баасынын ортосундагы спрэддин чегинде адилет наркты баалоо үчүн рыноктун катышуучулары салттуу колдонгон башка бааларды колдонууну жокко чыгарбайт.

## Адилет нарктын иерархиясы

72 Адилет нарктын баалоосуна жана аларды ачып көрсөтүүчү маалыматтарга көбүрөөк ырааттуулукта жана салыштырмалуулукта жетишүү үчүн ушул ФОЭС адилет нарктын иерархиясын белгилейт, ал үч деңгээл боюнча адилет наркты баалоо үчүн колдонулуучу баалоо методдорун камтыган баштапкы маалыматтардын тобун карайт (76–90-пункттарды караңыз). Адилет нарктын иерархиясынын алкагында окшош активдер же милдеттенмелер үчүн активдүү рыноктордун баа котировкаларына (оңдоп-түзөтүлбөй турган) эң көп артыкчылык берилет (1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар) жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарга (*3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар*) эң аз артыкчылык берилет.

73 Айрым учурларда активдин же милдеттенменин адилет наркын баалоо үчүн колдонулуучу баштапкы маалыматтар адилет нарктын иерархиясында ар кандай деңгээлдерге киргизилиши мүмкүн. Мындай учурларда адилет наркты баалоо баалоо үчүн маанилүү болуп саналган эң төмөн деңгээлдеги баштапкы маалыматтарга кирген адилет нарктын иерархиясынын ошол деңгээлине толугу менен кирет. Баалоо үчүн баштапкы маалыматтардын конкреттүү параметринин маанилүүлүгүн аныктоо ушул активге же милдеттенмеге мүнөздүү факторлорго негизделген ой жүгүртүүнү колдонууну талап кылат. Сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркты баалоодо аныкталуучу сатуу чыгымдары сыяктуу адилет наркка негизделген бааларды алуу үчүн зарыл оңдоп-түзөөлөр адилет наркты баалоо кирген адилет нарктын иерархиясындагы деңгээлди аныктоодо эске алынбоого тийиш.

 © ФОЭС Фонду

74 Релеванттык баштапкы маалыматтарга жетүү жана алардын салыштырмалуу субъективдүүлүгү туура баалоо методдорун тандоого таасир тийгизе алат (61-пунктту караңыз). Бирок, адилет нарктын иерархиясынын алкагында приоритеттер адилет наркты баалоо үчүн колдонулуучу баалоо методдоруна эмес, баалоо методдорунда колдонулуучу баштапкы маалыматтарга берилет. Мисалы, келтирилген нарктын эсебин колдонуу менен алынган адилет наркты баалоо баштапкы маалыматтарга карата 2-деңгээлге же 3-деңгээлге киргизилиши мүмкүн, алар бүтүндөй баалоо үчүн жана ушул баштапкы маалыматтар кирген адилет нарктын иерархиясындагы деңгээл үчүн маанилүү болуп саналат.

75 Эгер кандайдыр бир байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы параметр байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы параметрди колдонуу менен оңдоп-түзөөнү талап кылса жана мындай оңдоп-түзөө адилет наркты бир топ жогору же төмөн баалоого алып келсе, анда жыйынтыгында алынган баалоо адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилет. Мисалы, рыноктун катышуучусу активге бааны аныктоодо ушул активди сатууга коюлган чектөөнүн таасирин эске алса, ишкана ушул чектөөнүн таасирин эске алуу үчүн тийиштүү баа котировкасын түзөтүүгө тийиш. Эгер аталган баа котировкасы *2-деңгээлдеги баштапкы* маалыматты билдирсе, ал эми оңдоп-түзөө бүтүндөй баалоо үчүн маанилүү болгон байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы параметр болуп саналса, анда бул баалоо адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилет.

## 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар

76 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар – баалоо күнүнө карата ишкана жеткиликтүүлүктү алган окшош активдер же милдеттенмелер үчүн активдүү рыноктордун баалар котировкасы (оңдоп-түзөлбөй турган).

77 Активдүү рыноктун баалар котировкасы адилет нарктын көбүрөөк ишенимдүү күбөлүгүн билдирет жана ал жеткиликтүү болгондо ар дайым оңдоп-түзөөсүз адилет наркты баалоо үчүн колдонулууга тийиш, 79-пунктта сыпатталган учурлардан тышкары.

78 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар көптөгөн финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер үчүн жеткиликтүү болот жана алардын айрымдары бир нече активдүү рыноктордо (мисалы, түрдүү биржаларда) алмаштырылышы мүмкүн. Ошондуктан 1-деңгээлдин алкагында төмөнкүлөрдү аныктоого басым коюлат:

(a) тийиштүү актив же милдеттенме үчүн негизги рынокту же негизги рынок жок болсо, ушул актив же милдеттенме үчүн кыйла пайдалуу рынокту; жана

(b) ишкана баалоо күнүнө карата ушул рыноктун баасы боюнча бул активге же милдеттенмеге байланышкан бүтүм түзө алабы же жокпу.

79 Ишканага 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды оңдоп-түзөтүүгө болбойт, төмөнкү учурлардан тышкары:

(a) ишкана адилет нарк боюнча бааланууучу көп сандагы ушундай (бирок окшош эмес) активдерди же милдеттенмелерди (мисалы, карыздык баалуу кагаздар) кармап турса жана ошол эле учурда активдүү рынокто баа котировкасы болсо, бирок ушул активдердин же милдеттенмелердин ар бирине карата өзүнчө жеткиликтүү болбосо (башкача айтканда ишкана кармап турган көп сандагы активдерди же милдеттенмелерди эске алганда, баалоо күнүнө карата ар бир өзүнчө актив же милдеттенме үчүн баалар жөнүндө маалымат алуу кыйын болмок). Мындай учурда практикалык мүнөздө жөнөкөйлөтүү катарында ишкана баалар котировкаларына гана негизделбеген бааларды аныктоонун альтернативдүү методун (мисалы, баа түзүүнүн матрицалык методу) колдонуу менен адилет наркты баалай алат. Бирок, бааны аныктоонун альтернативдүү методун колдонуу адилет нарктын алынган баасынын адилет нарктын иерархиясында эң төмөн деңгээлге киргизилишине алып келет.

(b) активдүү рыноктун баа котировкасы баалоо күнүнө карата адилет наркты чагылдырбаса. Мындай кырдаал мисалы, рынок жабылгандан кийин, бирок баалоо күнү келгенге чейин маанилүү окуялардын (рынокто «принципалдардын ортосундагы» операция, брокердик тейлөө рыногундагы бүтүм же жарнама) болушун билдирет. Ишкана адилет наркты баалоого таасир бере алган окуяларды идентификациялоо боюнча эсеп саясатын белгилөөгө жана ырааттуу колдонууга тийиш. Бирок, эгер жаңы маалыматты эске алуу менен баа котировкасына өзгөртүү киргизилсе, мындай өзгөртүү адилет нарктын алынган баасынын адилет нарктын иерархиясында эң төмөн деңгээлге киргизилишине алып келет.

(c) ишкананын милдеттенмесинин же өздүк үлүштүк инструментинин адилет наркы активдүү рынокто актив катарында сатылган окшош объекттин баа котировкасын колдонуу менен бааланса жана ошол эле учурда аталган баа ушул объектке же активге мүнөздүү факторлорду эске алуу менен оңдоп-түзөөгө муктаж болсо (39-пунктту караңыз). Эгер активдин баа котировкасы эч кандай оңдоп-түзөөнү талап кылбаса, анда алынган жыйынтык адилет нарктын иерархиясында 1-деңгээлге кирген адилет наркты баалоону билдирет. Бирок активдин баа котировкасын каалагандай оңдоп-түзөө адилет нарктын алынган баасынын адилет нарктын иерархиясында төмөнүрөөк деңгээлге киргизилишине алып келет.

80 Эгер ишкана айрым актив же милдеттенме боюнча кандайдыр бир позицияга ээ болсо (финансылык инструменттер пакети сыяктуу ири сандагы активдерден жана милдеттенмелерден турган позицияны кошкондо) жана ушул актив же милдеттенме менен активдүү рынокто бүтүм бекитилсе, анда иерархияда 1-деңгээлге киргизилген ушул активдин же милдеттенменин адилет наркы ишканада болгон бир ушундай активдин же милдеттенменин баа котировкасын алардын санына көбөйтүү аркылуу баалануусуга тийиш. Мындай ыкма, эгер ушул рыноктогу демейки күнүмдүк соода көлөмү ушундай активдердин же милдеттенмелердин болгон санын камтышы үчүн жетиштүү болбогон жана бир операциянын алкагында тийиштүү позицияны сатууга өтүнмөлөрдү жайгаштыруу баа котировкасына таасир тийгизе алган учурда дагы колдонулат.

## 2-деңгээлдин баштапкы маалыматтары

81 2-деңгээлдин баштапкы маалыматтары – белгилүү бир активге же милдеттенмеге карата түз же кыйыр байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналган, 1-деңгээлге киргизилген баа котировкаларынан башка, баштапкы маалыматтар.

82 Эгер актив же милдеттенме белгилүү бир мөөнөткө ээ болсо (келишимде каралган), анда 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар активдин же милдеттенменин бардык колдонуу мөөнөтүндө байкоо жүргүзүлүүчү болушу зарыл. 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) ушундай активдерге же милдеттенмелерге карата активдүү рыноктордун баалар котировкасын;

(b) активдүү болуп саналбаган рыноктордун окшош же ушундай активдерге же милдеттенмелерге карата баалар котировкасын;

(c) активге же милдеттенмеге карата байкоо жүргүзүлүүчү баалар котировкасынан айырмаланган баштапкы маалыматтарды, мисалы:

(i) котировкаланган стандарттык интервалдар боюнча байкоо жүргүзүлүүчү пайыздык ставкаларды жана кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыктарын;

(ii) болжолдонуучу өзгөрүлмөлүүлүктү; жана

(iii) кредиттик спрэддерди.

(d) *рынокто такталган баштапкы маалыматтарды.*

83 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды оңдоп-түзөө тийиштүү активге же милдеттенмеге мүнөздүү факторлорго карата өзгөрөт. Мындай факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) ушул активдин абалын же жайгашкан жерин;

(b) баштапкы маалыматтар ушул активге же милдеттенмеге салыштырмалуу объекттерге кирген даражаны (39-пунктта сыпатталган факторлорду кошкондо); жана

(c) ушул баштапкы маалыматтар байкоо жүргүзүлгөн рыноктордо активдүүлүктүн көлөмүн же деңгээлин.

84 Бүтүндөй баалоо үчүн маанилүү болуп саналган 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды оңдоп-түзөө, эгер бул оңдоп-түзөө үчүн маанилүү байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар колдонулса, адилет нарктын алынган баасынын адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилишине алып келет.

85 B35-пунктта конкреттүү активдерге жана милдеттенмелерге карата 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды колдонуу баяндалат.

## 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар

86 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар активге же милдеттенмеге карата байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды билдирет.

87 Байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды релеванттык байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар жеткиликсиз болгон өлчөмдө адилет наркты баалоо үчүн колдонуу керек, бул баалоо күнүнө карата актив же милдеттенме боюнча рыноктук активдүүлүк жогору болбогон кырдаалды эске алууга мүмкүндүк берет, эгер болсо. Бирок, адилет наркты баалоонун максаты мурункудай калат – ушул активди кармап турган же ушул милдеттенме боюнча карызкор болуп саналган рыноктун катышуучусунун позициясынан баалоо күнүнө карата чыгуу баасын аныктоо. Натыйжада, байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар тобокелдик жөнүндөгү божомолдорду кошкондо, активге же милдеттенмеге бааны аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду чагылдырууга тийиш.

88 Тобокелдик жөнүндөгү божомолдор адилет наркты баалоо үчүн (баа модели сыяктуу) колдонулуучу конкреттүү баалоо методуна таандык тобокелдикти жана тийиштүү баалоо методу үчүн баштапкы маалыматтарга таандык тобокелдикти камтыйт. Тобокелдикке оңдоп-түзөөнү камтыбаган баалоо, эгер рыноктун катышуучулары активге же милдеттенмеге бааны аныктоодо ушундай оңдоп-түзөөнү киргизсе, адилет наркты баалоону билдирбейт. Мисалы, эгер баалоо айкын эместиктин ири деңгээли менен байланышса, тобокелдикке оңдоп-түзөөнү киргизүү зарылдыгы пайда болот (мисалы, эгер ушул активге же милдеттенмеге же болбосо ушундай активдерге же милдеттенмелерге карата рыноктогу демейки активдүүлүк деңгээлине салыштырмалуу активдүүлүк көлөмү же деңгээли бир топ төмөндөсө жана ишкана операциянын баасы же баа котировкасы B37–B47-пункттарда сыпатталгандай, адилет наркты чагылдырбаганын аныктаган учурда).

89 Ишкана түзүлгөн кырдаалдарда жеткиликтүү, ишкананын жеке маалыматтарын камтышы мүмкүн бардык маалыматтарды колдонуу менен байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды түзүшү керек. Байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды түзүүдө ишкана өзүнүн жеке маалыматтарын негиз катарында ала алат, бирок бул маалыматтар оңдоп-түзөтүлүүгө тийиш, эгер негизделген жеткиликтүү маалымат рыноктун башка катышуучулары башка маалыматтарды колдонушу мүмкүндүгүн көрсөтсө же рыноктун башка катышуучуларына жеткиликтүү эмес,

ишканага карата кандайдыр бир өзгөчөлүккө ээ болсо (мисалы, ишканага мүнөздүү синергетикалык пайдалар). Ишканага рыноктун катышуучуларынын божомолдору жөнүндөгү маалыматты алуу үчүн ашкере күч-аракет жумшоонун зарылдыгы жок. Бирок, ишкана рыноктун катышуучуларынын божомллдору жөнүндөгү бардык негизделген жеткиликтүү маалыматтарды эске алууга тийиш. Жогоруда баяндалган тартипте түзүлгөн байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар рыноктун катышуучуларынын божомолдору болуп саналат жана адилет наркты баалоонун максаттарына жооп берет.

90 В36-пунктта конкреттүү активдерге жана милдеттенмелерге карата 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды колдонуу баяндалат.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**91 Ишкана өзүнүн финансылык отчетторун пайдалануучуларга төмөнкүдөй эки аспектти баалоого жардам берген маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) Баштапкы таануудан кийин финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу максатында кайталануучу же кайталанбоочу негизде адилет нарк боюнча бааланган активдерге жана милдеттенмелерге карата – ушул баалоолорду алуу үчүн колдонулуучу баалоо методдору жана баштапкы маалыматтар.**

**(b) Маанилүү байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды колдонуу менен адилет наркты кайталануучу баалоого карата (3-деңгээл) – ушул баалоолордун мезгил ичиндеги пайдага же зыянга же башка жыйынды кирешеге таасири.**

92 91-пунктта баяндалган максаттарга жетүү үчүн ишкана төмөнкү бардык маселелерди карап чыгууга тийиш:

(a) маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон такташтыруу даражасы кандай;

(b) түрдүү талаптардын ар бирине кандай маани берүү керек;

(c) маалыматты агрегациялоонун же такташтыруунун зарыл деңгээли кандай; жана

(d) финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга ачып көрсөтүлгөн сандык маалыматтарды баалоо үчүн кошумча маалымат керекпи.

Эгер ушул стандартка жана башка ФОЭСтерге ылайык ачып көрсөтүлгөн маалымат 91-пунктта баяндалган максаттарга жетүү үчүн жетишсиз болсо, анда ишкана ушул максаттарга жетүү үчүн зарыл кошумча маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек.

93 91-пунктта баяндалган максаттарга жетүү үчүн ишкана баштапкы таануудан кийин финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу максатында адилет нарк боюнча баалануучу (ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирген, адилет наркка негизделген баалоону кошкондо) активдердин жана милдеттенмелердин ар бир классы боюнча жок дегенде төмөнкү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш (94-пунктту караңыз, анда активдердин жана милдеттенмелердин тийиштүү класстарын аныктоо боюнча маалыматтар берилген):

(a) адилет наркты кайталануучу жана кайталанбоочу баалоого карата – отчеттук мезгилдин аягына карата адилет наркты баалоо, ал эми адилет наркты кайталанбоочу баалоо үчүн – мындай баалоону жүргүзүү үчүн себептер. Активдердин же милдеттенмелердин адилет наркын кайталануучу баалоо ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата финансылык абал жөнүндө отчетто башка ФОЭСтер тарабынан талап кылынган же жол берилген баалоону билдирет. Активдердин же милдеттенмелердин адилет наркын кайталанбоочу

 © ФОЭС Фонду

баалоо белгилүү бир кырдаалдарда финансылык абал жөнүндө отчетто башка ФОЭС тарабынан талап кылынган же жол берилген баалоону билдирет (мисалы, «*Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк*» ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык ишкана сатууга арналган активди сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы боюнча баалайт, анткени активдин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы анын баланстык наркынан төмөн);

(b) адилет наркты кайталануучу жана кайталанбоочу баалоого карата – адилет нарк иерархиясындагы деңгээл, ага ушул адилет наркты баалоо толугу менен кирет (1, 2 же 3-деңгээл);

(c) отчеттук мезгилдин аягында кармалып туруучу, адилет нарк боюнча кайталануучу негизде бааланган активдерге жана милдеттенмелерге карата – адилет нарктын иерархиясында 1-деңгээл менен 2-деңгээлдин ортосундагы бардык которуулардын суммасы, мындай которуулардын себептери жана деңгээлдердин ортосунда объектти которуу жүргүзүлгөн убакыттын учурун аныктоо боюнча ишкананын саясаты (95-пунктту караңыз). Ар бир деңгээлге которуулар ар бир деңгээлдеги которуулардан өзүнчө ачылууга жана баяндалууга тийиш;

(d) адилет нарктын иерархиясында 2-деңгээлге жана 3-деңгээлге кирген адилет наркты кайталануучу жана кайталанбоочу баалоого карата, – адилет наркты баалоодо колдонулуучу баалоо методун (методдорун) жана баштапкы маалыматтарды сыпаттоо. Эгер баалоо методу өзгөртүлсө (мисалы, рыноктук ыкмадан кирешелүү ыкмага өтүү же кошумча баалоо методун колдонуу), ишкана ушул өзгөртүү жана анын себеби (себептери) жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш. Адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты баалоого карата, ишкана тийиштүү адилет наркты баалоодо колдонулуучу маанилүү байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар жөнүндөгү сандык маалыматтарды киргизиши керек. Ишкана маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндөгү ушул талапты аткаруу үчүн сандык маалыматты түзүүгө милдеттүү эмес, эгер адилет наркты баалоодо сандык байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар ишкана тарабынан түзүлбөсө (мисалы, ишкана мурдагы операциялардын баасын же үчүнчү тараптардын баалар жөнүндөгү маалыматын түзөбөстөн колдонсо). Бирок, ушул маалыматты ачып көрсөтүүдө ишкана адилет наркты баалоо үчүн маанилүү болгон жана ишканага негизделген жеткиликтүү сандык байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды четке кага албайт;

(e) адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты кайталануучу баалоого карата, – баштапкы калдыктарды жана аяккы калдыктарды төмөнкүгө байланышкан мезгил ичинде өзгөртүүлөрдү өзүнчө ачып көрсөтүү менен салыштырып текшерүү:

(i) пайданын же зыяндын курамында таанылган мезгил үчүн пайдалардын жана зыяндардын жалпы көлөмү менен, жана ушул пайдалар жана зыяндар таанылган пайданын же зыяндын курамында отчеттун беренесин (беренелерин) көрсөтүү;

(ii) мезгил ичинде башка жыйынды кирешенин курамында таанылган пайдалардын же зыяндардын жалпы көлөмү менен, жана ушул пайдалар жана зыяндар таанылган башка жыйынды кирешенин курамында отчеттун беренесин (беренелерин) көрсөтүү;

(iii) сатып алуу, сатуу, чыгаруу жана төлөө менен (өзгөртүүлөрдүн ушул түрлөрүнүн ар бири өзүнчө ачып көрсөтүлөт);

(iv) адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге жана 3-деңгээлден бардык которуулардын суммасы менен, мында мындай которуулардын себептери жана деңгээлдердин ортосунда объектти которуу жүргүзүлгөн убакыттын учурун аныктоо боюнча ишкананын саясаты ачып көрсөтүлүшү тийиш (95-пунктту караңыз). 3-деңгээлдеги которуулар 3-деңгээлдеги которуулардан өз алдынча ачып көрсөтүлүшү жана баяндалышы керек.

(f) адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты кайталануучу баалоого карата, – пайданын же зыяндын курамына киргизилген жана отчеттук мезгилдин аягында калган активдерге же милдеттенмелерге кирген, ишке ашырылбаган пайдалардын жана зыяндардын көлөмүнүн өзгөрүшү менен шартталган, (e)(i) пунктчасында баяндалган мезгил үчүн пайдалардын же зыяндардын жалпы суммасынын бөлүгү, ошондой эле аталган ишке ашырылбаган пайдалар жана зыяндар таанылган пайданын же зыяндын курамында отчеттуулуктун беренесин (беренелерин) көрсөтүү;

(g) адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты кайталануучу жана кайталанбоочу баалоого карата, – ишкана тарабынан колдонулуучу баалоо процесстерин сыпаттоо (мисалы, ишкана баалоо саясатына жана жол-жоболорго байланышкан чечимдерди кантип кабыл алат жана мезгилден мезгилге чейин болгон адилет наркты баалоодогу өзгөртүүлөрдү кантип талдайт);

(h) адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты кайталануучу баалоого карата:

(i) бардык ушундай баалоолорго карата – ушул адилет наркты баалоонун байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтардын өзгөрүүлөрүнө болгон сезгичтигин сөз менен сыпаттоо, эгер ушул баштапкы маалыматтардагы сандык параметрлердин бирин өзгөртүү адилет наркты бир топ жогору же бир топ төмөн баалоого алып келсе. Эгер ушундай баштапкы маалыматтар менен адилет наркты баалоодо колдонулган башка байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтардын ортосунда өз ара байланыш болсо, анда ишкана ушундай өз ара байланыштарды сыпаттоону жана алар байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтардын өзгөрүүлөрүнүн адилет наркты баалоого тийгизген таасирин күчөтөөрүн же жеңилдетээрин камтышы керек. Маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндөгү ушул талапты аткаруу үчүн байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтардын өзгөрүүлөрүнө сезгичтикти толук сыпаттоо жок дегенде (d) пунктчасынын талаптарын аткарууда ачып көрсөтүлгөн байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды камтууга тийиш;

(ii) финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге карата, альтернативдүү негизделген болушу мүмкүн божомолдорду чагылдыруу үчүн бир же бир нече байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды өзгөртүү адилет нарктын көлөмүн бир топ өзгөртмөк, ишкана ушул фактыны көрсөтүшү жана ушундай өзгөртүүлөрдүн таасирин ачып бериши керек. Ишкана альтернативдүү негизделген болушу мүмкүн божомолдорду колдонуунун жыйынтыгын чагылдырган өзгөртүүлөрдүн таасири кантип эсептелгендиги жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Бул максатта маанилүүлүк даражасы пайданын же зыяндын көлөмүнө жана активдердин жалпы көлөмүнө же милдеттенмелердин жалпы көлөмүнө карата бааланат, эгер адилет наркты өзгөртүү башка жыйынды кирешенин, өздүк капиталдын жалпы көлөмүнүн курамында таанылса;


© ФОЭС Фонду

(i) адилет наркты кайталануучу жана кайталанбоочу баалоого карата, эгер финансылык эмес активди учурдагы колдонуу анын эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонушунан айырмаланып турса, ишкана ушул фактыны жана эмне үчүн финансылык эмес активди колдонуу ыкмасы анын мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонушуна дал келбегендин ачып көрсөтүүгө тийиш.

94 Ишкана активдердин жана милдеттенмелердин тийиштүү класстарын төмөнкүнүн негизинде аныкташы керек:

(a) активге же милдеттенмеге карата мүнөздүн, мүнөздөмөлөрдүн жана тобокелдиктердин; жана

(b) адилет наркты тийиштүү баалоо кирген адилет нарктын иерархиясындагы деңгээлдин.

Адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты баалоо үчүн класстардын көп санын аныктоо зарыл болушу мүмкүн, анткени бул баалоолор айкын эместиктин жана субъективдүүлүктүн чоң даражасы менен байланышкан. Активдердин жана милдеттенмелердин тийиштүү класстарын аныктоо ой жүгүртүүнү талап кылат, аларга карата адилет наркты баалоо жөнүндө маалыматтар ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Активдердин жана милдеттенмелердин классы финансылык абал жөнүндөгү отчетто берилген отчеттордун беренелерине караганда көбүнчө бир кыйла деталдуу бөлүктөрдү талап кылат. Бирок, ишкана финансылык абал жөнүндөгү отчетто берилген отчеттордун беренелери менен салыштырып текшерүү үчүн жетиштүү болгон маалыматтарды бериши керек. Эгер башка ФОЭСте активдин же милдеттенменин классы конкреттештирилсе, ишкана ушул стандартта талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүдө ушул классты колдоно алат, эгер ушул класс ушул пункттун талаптарына жооп берсе.

95 Ишкана 93(c) жана (e)(iv) пункттчаларына ылайык адилет нарктын иерархиясында деңгээлдердин ортосунда объектти которуу жүргүзүлгөн убакыттын учурун аныктоо боюнча өзүнүн саясатын ачып көрсөтүүгө жана ырааттуу сактоого тийиш. Которууларды таануу жүргүзүлдү деп саналган убакыттын учуру боюнча саясат белгилүү бир деңгээлдердеги которуулар жана белгилүү бир деңгээлдерден которуулар үчүн бирдей болушу керек. Которуулар жүргүзүлдү деп саналган убакыттын учурун аныктоо боюнча саясаттын мисалдары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

(a) окуянын пайда болгон же которууга себеп болгон жагдайлардын өзгөрүү күнү;

(b) отчеттук мезгилдин башталышы;

(c) отчеттук мезгилдин аягы.

96 Эгер ишкана өзүнүн эсеп саясатына 48-пунктта каралган өзгөчө учурду колдонуу жөнүндө жобону киргизүү чечимин кабыл алса, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

97 Финансылык абал жөнүндөгү отчетто чагылдыруу үчүн адилет нарк боюнча бааланууучу активдердин жана милдеттенмелердин ар бир классы боюнча, бирок алардын адилет наркы ачып көрсөтүлгөндөргө карата, ишкана 93(b), (d) жана (i) пункттчаларына ылайык талап кылынган маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек. Бирок, ишкана 93(d)-пункттчасында талап кылынган, адилет нарктын иерархиясында 3-деңгээлге киргизилген адилет наркты баалоодо колдонулуучу олуттуу байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар жөнүндөгү сандык маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес. Ушундай активдерге жана милдеттенмелерге карата ишканага ушул стандартта талап кылынган башка маалыматтарды ачып көрсөтүү зарылдыгы жок.

98 Үчүнчү тараптан берилген кредиттик сапатты жогорулатуунун бөлүнгүс каражаты менен бирге чыгарылган адилет нарк боюнча бааланууучу милдеттенмелерге карата, эмитент кредиттик сапатты жогорулатуунун ушул каражатын бар болуу фактысын жана бул милдеттенменин адилет наркын баалоодо ушул каражатты чагылдыруу жөнүндөгү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

99 Ишкана ушул стандартта талап кылынган сандык маалыматты таблицалык форматта ачып көрсөтүшү керек, башка формат көбүрөөк орундуу болгон учурлардан тышкары.


© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси
## Терминдердин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **активдүү рынок** | Баалар жөнүндөгү маалыматтар менен туруктуу негизде камсыз кылуу үчүн белгилүү бир актив же милдеттенме боюнча операциялар жетиштүү тездикте жана жетиштүү көлөмдө жүргүзүлгөн рынок. |
| **чыгымдуу ыкма** | Убакыттын азыркы учурунда активдин эксплуатациялык кубаттуулугун алмаштыруу үчүн талап кылынышы мүмкүн сумманы чагылдырган баалоо методу (көбүнчө алмаштыруунун учурдагы наркы деп аталат). |
| **кирүү баасы** | Активди сатып алуу максатында төлөнгөн же алмашуу операциясынын алкагында милдеттенмени кабыл алуу үчүн алынган баа. |
| **чыгуу баасы** | Активди сатуудан алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында төлөнө турган баа. |
| **күтүлгөн акча каражатынын агымы** | Келечекте болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарынын ыктымалдуулугунун даражасы боюнча орточо алынган мааниси (башкача айтканда, бөлүштүрүүнүн орточо мааниси). |
| **адилет нарк** | Баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. |
| **эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонуу** | Рыноктун катышуучуларынын финансылык эмес активди ушул активдин же курамында ушул актив колдонулушу мүмкүн активдердин жана милдеттенмелердин тобунун (мисалы, бизнестин) наркын максималдуу көбөйткөндөй кылып пайдалануу. |
| **кирешелүү ыкма** | Келечектеги суммаларды (мисалы, акча каражаттарынын агымдарын же кирешелерди жана чыгашаларды) бир учурдагы (башкача айтканда дисконттолгон) көлөмгө кайра түзгөн баалоо методдору. Адилет наркты баалоо аталган келечектеги суммаларга карата рыноктун учурдагы күтүүлөрү менен белгиленген нарктын негизинде жүргүзүлөт. |
| **баштапкы маалыматтар** | Рыноктун катышуучулары белгилүү бир активдин же милдеттенменин баасын аныктоодо пайдалана турган божомолдор, анын ичинде төмөнкүлөр сыяктуу тобокелдиктер жөнүндөгү божомолдор:<br>(a) адилет наркты баалоо үчүн колдонулуучу конкреттүү баалоо методуна (мисалы, баа моделине) мүнөздүү тобокелдик; жана |

(b) ушул баалоо методу үчүн баштапкы маалыматтарга мүнөздүү тобокелдик.

Баштапкы маалыматтар байкоо жүргүзүлүүчү же байкоо жүргүзүлбөөчү болушу мүмкүн.

**1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар** Баалоо күнүнө карата ишкана жеткиликтүүлүктү алган окшош активдер же милдеттенмелер үчүн активдүү рыноктордун баа котировкалары (оңдоп-түзөлбөй турган).

**2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар** Белгилүү бир активге же милдеттенмеге карата түз же кыйыр байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналган, 1-деңгээлге киргизилген баа котировкаларынан башка, баштапкы маалыматтар.

**3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар** Белгилүү бир активге же милдеттенмеге карата байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар.

**рыноктук ыкма** Окшош же салыштырылуучу (башкача айтканда, ушул сыяктуу) активдер, милдеттенмелер же бизнес сыяктуу активдердин жана милдеттенмелердин тобу бар рыноктук операциялардын натыйжасында алынган баалар жана башка тиешелүү маалымат колдонулган баалоо методу.

**рынокто такталган баштапкы маалыматтар** Негизинен байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтардан алынган же алар тарабынан корреляция же башка каражаттар аркылуу тастыкталган баштапкы маалыматтар.

**рыноктун катышуучулары** Активге же милдеттенмеге карата негизги (же кыйла пайдалуу) рыноктогу сатып алуучулар жана сатуучулар, алар төмөнкү бардык мүнөздөмөлөргө ээ:

(a) Алар бири-бирине көз каранды эмес, башкача айтканда алар ФОЭС (IAS) 24тө аныкталган мааниде байланыштуу тараптар болуп саналбайт, бирок ошол эле учурда байланыштуу тараптардын ортосундагы операциянын баасы адилет наркты баалоодо баштапкы параметрлердин бири катарында колдонулушу мүмкүн, эгер ишканада бул операция рыноктук шарттарда жүргүзүлгөнүнө далили болсо.

(b) Тийиштүү актив же милдеттенме жөнүндө жана болгон баардык маалыматтарды эске алуу менен түзүлгөн бүтүм боюнча алардын жакшы маалматы, жетиштүү түшүнүгү бар, анын ичинде, инвестиция жасоо алдында текшерүүнүн стандарттык жана жалпы кабыл алынган жол-жоболорду жургүзүүнүн натыйжасында алууга мүмкүн болгон маалыматтар менен.

(c) Алардын бул активге же милдеттенмеге байланыштуу бүтүм түзүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

(d) Алар бул активге же милдеттенмеге байланыштуу бүтүм түзүүнү каалашат, башкача айтканда, мындай бүтүмдү

иш жүзүнө ашыруу үчүн алардын, муну жасоого мажбурланбаган же башка түрдө аргасыз кылынбаган түрткү берүүчү жүйөлөрү бар.

| | |
|---|---|
| **кыйла пайдалуу рынок** | Операциялык чыгымдар же транспорттук чыгымдар эсепке алынуу менен активди сатуудан максималдуу сумма алынышы мүмкүн же милдеттенмелерди өткөрүп берүү үчүн минималдуу сумма төлөнүшү мүмкүн болгон рынок. |
| **милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги** | Ишкана кайсы бир милдетин аткарбайт деген тобокелдик. Милдеттенмени аткарбай коюу тобокелдиги ишкананын өзүнүн кредиттик тобокелдигин камтыйт, бирок, муну менен гана чектелбеши мүмкүн. |
| **байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар** | Иш жүзүндөгү окуялар же операциялар жөнүндө жалпыга жеткиликтүү маалымат сыяктуу рыноктук маалыматтын негизинде алынган жана тийиштүү активдин же милдеттенменин баасын аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду чагылдырган баштапкы маалыматтар. |
| **демейки операция** | Баалоо күнүнө чейин ушундай активдер же милдеттенмелер боюнча операция үчүн ушул рынокто демейки жана кабыл алынган маркетингдик операцияларды жүргүзүү үчүн жетиштүү белгилүү бир убакыттын ичинде объекттин рынокто болушун болжолдогон операция; бул операция аргасыз (мисалы, мажбурлап жоюу же аргасыздан сатуу) болуп саналбайт. |
| **негизги рынок** | Тийиштүү актив же милдеттенме үчүн сооданын көлөмү жана активдүүлүктүн деңгээли абдан чоң рынок. |
| **тобокелдик үчүн премия** | Актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдары менен байланышкан айкын эместик үчүн тобокелдикке барбаган рыноктун катышуучулары талап кылган компенсация. Ошондой эле «тобокелдикке карата оңдоп-түзөө» катарында белгилүү. |
| **операциялык чыгымдар** | Ушул активге же милдеттенмеге карата негизги (же кыйла пайдалуу) рынокто активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүүнү жүргүзүү үчүн чыгымдар, алар ушул активдин чыгып калышы же милдеттенменин өткөрүп берилиши менен түздөн-түз байланышкан жана төмөнкү бардык критерийлерди канааттандырат:<br>(a) Алар операциянын тикелей натыйжасы болуп саналат жана аны жүргүзүү үчүн зарыл.<br>(b) Эгер активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү жөнүндөгү чечим кабыл алынбаса, ишкана чыгым тартмак эмес (ФОЭС (IFRS) 5те келтирилген сатуу чыгымдарынын аныктамасына окшош). |
| **транспорттук чыгымдар** | Активди анын учурдагы турган жеринен анын негизги (же кыйла пайдалуу) рыногуна ташуу учурунда тартыла турган чыгымдар. |

| | |
|---|---|
| **эсеп бирдиги** | Тийиштүү ФОЭСке ылайык таануу максатында активди же милдеттенмени агрегациялоо же дезагрегациялоо жүргүзүлүүчү деңгээл. |
| **байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар** | Рыноктук маалымат жеткиликсиз болгондор үчүн жана ушул активге же ушул милдеттенмеге бааны аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдор жөнүндөгү бардык жеткиликтүү маалыматтарды колдонуу менен алынган баштапкы маалыматтар. |


© IFRS Foundation

## В тиркемеси
## Пайдалануу үчүн колдонмо

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Тиркеме 1-99-пункттарды колдонуу тартибин баяндайт жана өз күчү боюнча ушул стандарттын башка бөлүмдөрү менен теңдеш.*

В1 Баалоо менен байланышкан түрдүү кырдаалдарда колдонулуучу ой жүгүртүүлөр түрдүү болушу мүмкүн. Ушул тиркеме баалоо менен байланышкан түрдүү кырдаалдарда адилет наркты баалоодо ишкана тарабынан колдонулушу мүмкүн ой-пикирлерди баяндайт.

## Адилет наркты баалоого карата ыкма

В2 Адилет наркты баалоонун максаты учурдагы рыноктун шарттарында баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда активди сатуу же милдеттенмени өткөрүп берүү боюнча демейки операция жүргүзүлүшү мүмкүн бааны аныктоодо турат. Адилет наркты баалоо ишкананын төмөнкү бардык аспекттерди аныктоосун талап кылат:

(a) баалоого тийиш конкреттүү актив же милдеттенме (анын эсеп бирдигине ылайык);

(b) финансылык эмес активге карата – баалоо үчүн орундуу болуп саналган базалык шарт (ушул активди эң мыкты жана кыйла натыйжалуу колдонууга ылайык);

(c) ушул активге же милдеттенмеге карата негизги (же кыйла пайдалуу) рынок;

(d) активге же милдеттенмеге бааны аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду өзүнө камтыган баштапкы маалыматтарды алуу үчүн маалыматтын болушун эске алуу менен адилет наркты аныктоого ылайыктуу баалоо методу (методдору), ошондой эле адилет нарктын иерархиясында ушул баштапкы маалыматтар кирген деңгээл.

## Финансылык эмес активдерди баалоонун базалык шарты (31–33-пункттар)

В3 Башка активдер менен бир топ катарында (ал кантип орнотулган же пайдалануу максатында башкача конфигурацияланган) же башка активдер жана милдеттенмелер менен (мисалы, бизнес) айкалыштырылып колдонулуучу финансылык эмес активдердин адилет наркын баалоодо, баалоонун базалык шартынын таасири конкреттүү кырдаалдарга көз каранды. Мисалы:

(a) Активдин адилет наркы ал өз алдынча актив катарында же башка активдер менен же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонулганына карабастан, бирдей болушу мүмкүн. Мындай кырдаал, эгер рыноктун катышуучулары улантып жүргүзүшү мүмкүн бизнести түшүндүргөн учурга таандык. Мындай учурда операция бүтүндөй бизнести баалоону болжолдомок. Улануучу бизнестин алкагында активдерди топтор катарында колдонуу рыноктун катышуучуларына жеткиликтүү болушу мүмкүн синергетикалык пайдага алып келмек (башкача айтканда рыноктун катышуучуларында синергетикалык пайда келип чыгат, натыйжада ушул актив өз алдынча актив катарында же башка активдер менен же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалышканына карабастан, ушул активдин адилет наркына таасир тийгизиши керек).

(b) Активди башка активдер менен, же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонуу жөнүндөгү болжол өз алдынча актив катарында колдонулуучу ушул активдин наркын ондоп-түзөтүү аркылуу адилет нарктын баасына киргизилиши мүмкүн. Мындай кырдаал, эгер актив кандайдыр бир станокту билдирген жана анын адилет наркын баалоо ушул станокко карата байкоо жүргүзүлүүчү бааны колдонуу менен жүргүзүлгөн учурга таандык (ал кантип орнотулганына же пайдалануу максатында башкача конфигурацияланганына карабастан), адилет нарктын баалоо ушул станоктун учурдагы абалын жана жайгашкан жерин (ал кантип орнотулган же пайдалануу максатында башкача конфигурацияланган) чагылдырышы үчүн ушул станокко карата байкоо жүргүзүлүүчү баа транспорттук жана инсталляциялык чыгымдарга карата түзөлөт.

(c) Активди башка активдер менен же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонуу жөнүндөгү болжол ушул активдин адилет наркын баалоо үчүн рыноктун катышуучулары колдонуучу божомолдор аркылуу адилет нарктын баалоого киргизилиши мүмкүн. Мисалы, эгер актив уникалдуу мүнөзгө ээ, бүтпөгөн өндүрүштөгү запасты билдирсе жана рыноктун катышуучулары ушул запасты даяр продукцияга айлантууга ниеттенишсе, анда ушул запастардын адилет наркы, рыноктун катышуучулары ушул запастарды даяр продукцияга айлантуу үчүн зарыл бардык адистештирилген жабдууларды сатып алганын же сатып алаарын болжолдойт.

(d) Активди башка активдер менен, же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонуу жөнүндөгү болжол ушул активдин адилет наркын баалоо үчүн колдонулуучу баалоо методун тандоо аркылуу эске алынышы мүмкүн. Мындай кырдаал материалдык эмес активдин адилет наркын баалоо үчүн ашыкча пайданын көп мезгилдүү моделин колдонгон учурга таандык, анткени ушул баалоо методу бардык толуктоочу активдердин жана аны менен байланышкан, курамында ушундай материалдык эмес актив колдонулушу мүмкүн топко кирген милдеттенмелердин таасирин түз эске алууга мүмкүндүк берет.

(e) Активдердин тобунун курамында активди пайдаланууга байланышкан, айрым аз жайылган кырдаалдарда ишкана активдердин тобунун адилет наркын ушул топтогу айрым активдер аралык бөлүштүрүүдө ушул активди анын адилет наркына жакын суммада баалай алат. Мындай кырдаал, эгер баалоо кыймылсыз мүлккө таандык болгон жана жакшыртуулары менен кыймылсыз мүлктүн адилет наркы (башкача айтканда активдердин топтору) аны түзгөн активдер аралык бөлүштүрүлгөн учурга таандык (жер участогу жана анын жакшыртуулары сыяктуу).

## Баштапкы таануудагы адилет нарк (57–60-пункттар)

B4 Баштапкы таанууда адилет нарк операциянын баасы менен теңделерин аныктоодо ишкана ушул операцияга жана ушул активге же милдеттенмеге мүнөздүү факторлорду эске алууга тийиш. Мисалы, операциянын баасы баштапкы таанууда активдин же милдеттенменин адилет наркын билдирбеши мүмкүн, эгер төмөнкү бардык шарттар болсо:

(a) Операция байланышы бар тараптардын ортосунда иш жүзүнө ашырылат, бирок байланышы бар тараптардын ортосундагы операциянын баасы адилет нарктын баалоодо баштапкы параметрлердин бири катарында колдонулушу мүмкүн, эгерде ишкананын ушул операция рыноктук шарттарда жүргүзүлгөндүгү боюнча далилдери болсо.

 © ФОЭС Фонду

(b) Операция басым алдында иш жүзүнө ашырылат, же сатуучу ушул операциянын белгиленген баасын кабыл алууга аргасыз болот. Мындай кырдаал, мисалы, сатуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда орун алышы мүмкүн.

(c) Операциянын баасын чагылдырган эсеп бирдиги адилет нарк боюнча бааланууучу тийиштүү активдин же милдеттенменин эсеп бирдигинен айырмаланат. Мисалы, мындай кырдаал, эгер адилет нарк боюнча бааланууучу актив же милдеттенме операциянын бир эле элементи болгон учурга таандык (мисалы, бизнестерди бириктирүүдө), бул операция кандайдыр бир башка ФОЭСке ылайык өзүнчө бааланууучу жарыяланбаган укуктарды жана артыкчылыктарды камтыйт же ушул операциянын баасы операциялык чыгымдарды өзүнө камтыйт.

(d) Ушул операция жүргүзүлгөн рынок негизги рынок (же кыйла пайдалуу рынок) болуп саналбайт. Мисалы, эгер ишкана кардарлар менен чекене рынокто операция жасоочу дилер болсо, аталган рыноктор айырмаланышы мүмкүн, бирок рынокко чыгуу үчүн негизги (же кыйла пайдалуу) рынок болуп ал башка дилерлер менен жасалган операция дилердик рынок болуп саналат.

## Баалоо методдору (61–66-пункттар)

### Рыноктук ыкма

B5 Рыноктук ыкмада, окшош же салыштырылуучу (башкача айтканда, ушундай) активдер, милдеттенмелер же бизнес сыяктуу, активдердин жана милдеттенмелердин тобунун рыноктук бүтүмдөрүнүн жыйынтыгына негизделген баалар жана башка тийиштүү маалыматтар колдонулат.

B6 Мисалы, рыноктук ыкма менен макулдашылган баалоо методдорунда көбүнчө салыштырылуучу бүтүмдөрдүн тобунун базасында алынуучу рыноктук мультипликаторлор колдонулат. Мультипликаторлор ар бир салыштырылуучу бүтүмгө өзүнүн мультипликатору шайкеш келген белгилүү бир диапазондордо турат. Тийиштүү диапазондон туура мультипликаторду тандоо ушул баалоого мүнөздүү сапаттык жана сандык факторлорду эске алуу менен ой жүгүртүүнү талап кылат.

B7 Рыноктук ыкма менен айкалышкан баалоо методдору бааны аныктоонун матрицалык методун камтыйт. Бааны аныктоонун матрицалык методу –карыздык баалуу кагаздар сыяктуу финансылык инструменттердин айрым түрлөрүн баалоо үчүн артыкчылыктуу колдонулуучу, айрым баалуу кагаздардын баа котировкасына гана ишенбестен, ушул баалуу кагаздардын база катарында тандалган башка котировкаланган баалуу кагаздар менен болгон байланышына таянган математикалык метод.

### Чыгымдуу ыкма

B8 Чыгымдуу ыкмада убакыттын азыркы учурунда активдин эксплуатациялык кубаттуулугун алмаштыруу үчүн талап кылынышы мүмкүн сумма чагылдырылат (көбүнчө алмаштыруунун учурдагы наркы деп аталат).

B9 Сатуучу болуп саналган рыноктун катышуучусунун позициясынан актив үчүн алына турган баа, эскирүүнү эске алганда, салыштырма функционалдык мүнөздөмөгө ээ алмаштыруучу активди сатып алуу же куруу үчүн сатып алуучу болуп саналган рыноктун башка катышуучусу тарта турган чыгымдардын суммасына негизделген. Мунун себеби сатып алуучу болуп саналган рыноктун катышуучусу актив үчүн ушул активдин эксплуатациялык кубаттуулугун алмаштырууга тапкан суммадан көп төлөбөй тургандыгында. Эскирүү түшүнүгү физикалык жактан эскирүүнү, моралдык (технологиялык) эскирүүнү жана экономикалык (тышкы) эскирүүнү камтыйт жана

финансылык отчеттуулук максаттары (баштапкы наркын бөлүштүрүү) же салыктык максаттар үчүн (активдердин кызматынын регламенттелген мөөнөтүнө карата) амортизация түшүнүгүнө караганда көбүрөөк кеңири болуп саналат. Көп учурларда алмаштыруунун учурдагы наркынын методу башка активдер менен же болбосо башка активдер жана милдеттенмелер менен айкалыштырып колдонулуучу материалдык активдердин адилет наркын баалоо үчүн колдонулат.

## Кирешелүү ыкма

B10 Кирешелүү ыкма келечектеги суммаларды (мисалы, акча каражаттарынын агымдарын же кирешелерди жана чыгашаларды) учурдагы (башкача айтканда дисконттолгон) бир көлөмгө кайра түзүүнү болжолдойт. Кирешелүү ыкма колдонулганда, адилет наркты баалоо аталган келечектеги суммаларга карата рыноктун учурдагы күтүүлөрүн чагылдырат.

B11 Ушул баалоо методдорунун мисалына төмөнкүлөр кирет:

(a) келтирилген наркты эсептөөгө негизделген методдор (B12–B30-пункттарды караңыз);

(b) Блэк – Шоулз – Мертондун формуласы сыяктуу опциондун баасын аныктоо модели же биномиалдык модель (башкача айтканда дискреттик ыкманы караган үлгү), алар келтирилген наркты эсептөөнү карайт жана тийиштүү опциондун убакыт ичиндеги наркын дагы жана ички наркын дагы чагылдырат; жана

(c) айрым материалдык эмес активдердин адилет наркын баалоо үчүн колдонулуучу ашыкча пайданын көп мезгилдүү модели.

### Келтирилген наркты эсептөө ыкмалары

B12 B13–B30-пункттарында адилет наркты баалоо үчүн келтирилген наркты эсептөө ыкмаларын колдонуу баяндалат. Ушул пункттарда дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөтүү ыкмасына жана *күтүлгөн акча каражатынын агымын* (күтүлгөн келтирилген наркты) эсептөө ыкмасына өзгөчө көңүл бурулат. Бул пункттар келтирилген наркты эсептөөнүн бир конкреттүү ыкмасын колдонууну буйрубайт жана адилет наркты баалоодо келтирилген наркты эсептөөнүн баяндалган ыкмаларын гана колдонууну талап кылбайт. Адилет наркты баалоо үчүн колдонулуучу келтирилген наркты эсептөө ыкмасы бааланууучу активге же милдеттенмеге мүнөздүү фактыларга жана жагдайларга (мисалы, салыштырылуучу активдерге же милдеттенмелерге карата баалар жөнүндөгү байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтар барбы) жана жетиштүү көлөмдөгү маалыматтардын болушуна көз каранды болот.

### Келтирилген нарктын негизинде баалоо компоненттери

B13 Келтирилген нарк (башкача айтканда кирешелүү ыкманы колдонуу) – дисконттоонун айрым ставкасын колдонуу менен келечектеги суммаларды (мисалы, акча каражаттарынын агымдарын же нарктык көлөмдү) учурдагы көлөмгө келтирүү үчүн колдонулуучу инструмент. Келтирилген наркты эсептөөнү колдонуу менен активдин же милдеттенменин адилет наркын баалоо баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын позициясынан төмөнкү бардык элементтерди белгилөөнү болжолдойт:

(a) бааланууучу активге же милдеттенмеге карата келечектеги акча каражаттарынын агымдарын эсептик баалоону;.

(b) акча каражаттарынын агымдарына таандык айкын эместикти чагылдырган, акча каражаттарынын агымдарынын пайда болуу көлөмүнүн жана убактысынын туруксуздугуна карата күтүүлөрдү;

 © ФОЭС Фонду

(c) тобокелсиз акчалай активдер боюнча ставка менен берилген акчанын убакыт ичиндеги наркын, акча каражаттарынын агымдары камтыган мезгил менен тең келген жана аларды кармоочулар үчүн дефолттун мөөнөтүнө жана тобокелдигине карата эч кандай айкын эместикти билдирбеген төлөө мөөнөттөрүн же дюрацияны (башкача айтканда тобокелсиз пайыздык ставканы);

(d) акча каражаттарынын агымдарына таандык айкын эместикке чыдоого макулдук берүү үчүн бааны (башкача айтканда *тобокелдик үчүн премияны*);

(e) түзүлгөн жагдайларда рыноктун катышуучулары эске алышы мүмкүн башка факторлорду;

(f) милдеттенмеге карата – аны менен байланышкан аткарбоо тобокелдигин, ишкананын өздүк кредиттик тобокелдигин кошкондо (башкача айтканда карызды төлөөгө милдеттүү адамды).

*Жалпы принциптер*

B14 Келтирилген наркты эсептөө ыкмалары B13-пунктта баяндалган элементтердин эсебине киргизүү ыкмасынан айырмаланып турат. Бирок төмөнкү бардык жалпы принциптер адилет наркты баалоо үчүн колдонулуучу келтирилген наркты эсептөөнүн бардык ыкмасын колдонууну аныктайт:

(a) Акча каражаттарынын агымдары жана дисконттоо ставкалары активге же милдеттенмеге карата бааны аныктоодо рыноктун катышуучулары колдонушу мүмкүн божомолдорду чагылдырууга тийиш.

(b) Акча каражаттарынын агымдары жана дисконттоо ставкалары бааланууучу активге же милдеттенмеге тийиштүү факторлорду гана эске алышы керек.

(c) Тобокелдик факторлорунун эки жолу киргизилишине же алардын киргизилбей калышына жол бербөө үчүн дисконттоо ставкалары тийиштүү акча каражаттарынын агымдарын эсептөөдө колдонулуучу болжолдорду чагылдырышы зарыл. Мисалы, келечекте дефолттун болушун күтүүлөргө байланышкан айкын эместикти чагылдырган дисконттоо ставкасы туура болот, эгер зайым боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына карата эсептөө жүргүзүлсө (башкача айтканда дисконттоо ставкасын оңдоо-түзөө ыкмасы колдонулат). Эгер күтүлгөн (башкача айтканда ыктымалдуулук даражасы боюнча бааланган) акча каражаттарынын агымдарына карата эсептөө жүргүзүлсө (башкача айтканда күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөө ыкмасы колдонулса), ошол эле ставка колдонулушу мүмкүн эмес, анткени күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары келечекте дефолттун айкын эместиги жөнүндө божомолдорду чагылдырат; мунун ордуна күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарына таандык тобокелдикке тийиштүү дисконттоо ставкасы колдонулууга тийиш.

(d) Акча каражаттарынын агымдарына жана дисконттоо ставкаларына карата божомолдор өз ара ылайыктуу болушу керек. Мисалы, инфляциянын таасирин эске алган номиналдуу акча каражаттарынын агымдары инфляциянын таасирин эске алуучу ставка боюнча дисконттолууга тийиш. Номиналдуу тобокелдиксиз пайыздык ставка инфляциянын таасирин эске алат. Инфляциянын таасирин жокко чыгарган реалдуу акча каражаттарынын агымдары инфляциянын таасирин жокко чыгаруучу ставка боюнча дисконттолушу керек. Ушундай эле салык салынгандан кийин акча каражаттарынын агымдарын чагылдырган суммалар салыктан кийинки дисконттоо ставкасын колдонуу менен дисконттолууга тийиш. Салык салынганга чейин акча каражаттарынын агымдарын чагылдырган суммалар

аталган акча каражаттарынын агымдарына тийиштүү ставка боюнча дисконттолушу керек.

(e) Дисконттоо ставкасы тийиштүү акча каражаттарынын агымдары көрсөтүлгөн валютанын базалык экономикалык факторлорун эске алуу менен аныкталууга тийиш.

*Тобокелдик жана айкын эместик*

B15 Келтирилген наркты эсептөөнү колдонуу менен адилет наркты баалоо айкын эместик шарттарында жүргүзүлөт, анткени каралуучу акча каражаттарынын агымдары күн мурунтан белгилүү суммалар эмес, эсептик чоңдук болуп саналат. Көп учурларда акча каражаттарынын агымдарынын суммасы дагы жана пайда болуу мөөнөтү дагы айкын эмес болуп саналат. Зайым боюнча төлөмдөр сыяктуу келишим менен каралган бекитилген суммалар дагы айкын эмес болуп саналат, эгер дефолт тобокелдиги болсо.

B16 Рыноктун катышуучулары актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарына таандык айкын эместикти кабыл алгандыгы үчүн компенсация (башкача айтканда тобокелдик үчүн премия) алууга умтулушат. Адилет наркты баалоо рыноктун катышуучулары акча каражаттарынын агымдарына таандык айкын эместик үчүн компенсация катарында талап кылышы мүмкүн сумманы чагылдыруучу тобокелдик үчүн премияны эске алууга тийиш. Антпесе бул баа адилет наркты туура көрсөтпөйт. Айрым учурларда тобокелдик үчүн тийиштүү премияны аныктоо кыйынчылыкты туудурушу мүмкүн. Бирок кыйынчылык баскычы тобокелдик үчүн премияны жоюуга жетиштүү себеп болуп саналбайт.

B17 Келтирилген наркты эсептөө ыкмалары алар кантип тобокелдикти оңдоп-түзөөнү эске алаарына карата жана колдонулуучу акча каражаттарынын агымдарынын түрүнө карата айырмаланышат. Мисалы:

(a) Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө жолу (B18–B22-пункттарды караңыз) тобокелдикке карата оңдоп-түзөлгөн дисконттоо ставкасын, жана келишимде каралган, убадаланган же көп болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарын болжолдойт.

(b) Күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөөнүн 1-методу (B25-пунктту караңыз) тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын жана тобокелсиз пайыздык ставканы колдонууну болжолдойт.

(c) Күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөөнүн 2-методу (B26-пунктту караңыз) тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлбөгөн күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын жана рыноктун катышуучулары талап кылган тобокелдик үчүн премияны киргизүү үчүн оңдоп-түзөлгөн дисконттоо ставкасын колдонууну болжолдойт. Мындай ставка дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө жолун колдонууда пайдалануучу ставкадан айырмаланат.

*Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө ыкмасы*

B18 Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө ыкмасын колдонууда келишимде каралган же убадаланган (облигация менен болгон учурдагыдай) болушу ыктымал эсептик суммалардын диапазонунан акча каражаттарынын агымдарынын бир сценарийи же көп болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдары колдонулат. Бардык учурларда аталган акча каражаттарынын агымдары белгилүү бир окуялардын пайда болушуна байланышкан шарттарды аткарууга көз каранды эмес (мисалы, келишимде каралган же убадаланган облигация боюнча акча каражаттарынын агымдары дебитор тараптан дефолттун пайда болбошу сыяктуу окуяга көз каранды). Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө ыкмасын колдонууда пайдаланылуучу дисконттоо ставкасы рынокто жүгүртүлүүчү салыштыруучу активдер же милдеттенмелер боюнча кирешелүүлүк

 © ФОЭС Фонду

ченеминин байкоо жүргүзүлүүчү көрсөткүчтөрүнүн негизинде алынат. Натыйжада, келишимде каралган, убадаланган же көп болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдары ушундай шарттуу акча каражаттарынын агымдарына карата байкоо жүргүзүлүүчү же эсептик рыноктук ставка боюнча дисконттолот (башкача айтканда кирешелүүлүктүн рыноктук ченеми боюнча).

B19 Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө ыкмасы салыштыруучу активдерге же милдеттенмелерге тийиштүү рыноктук маалыматтарды талдоону талап кылат. Салыштырмалуулук акча каражаттарынын агымдарынын мүнөзүн (мисалы, акча каражаттарынын агымдары келишимде каралганбы же каралган эмеспи жана алар экономикалык шарттардын өзгөрүшүнө канчалык бирдей таасирденет), ошондой эле башка факторлорду (мисалы, кредиттик абройду, камсыздоону, дюрацияны, чектөө шарттарын жана жоюуну) эске алуу менен белгиленет. Эгер өзүнчө салыштыруучу актив же милдеттенме бааланууучу актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарына таандык тобокелдикти анык чагылдырбаса, тобокелдиксиз кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы көрсөткүчтөр менен бирге (башкача айтканда «кумулятивдик түзүлүш» ыкмасын колдонуу менен) бир нече салыштырылуучу активдер же милдеттенмелер боюнча маалыматтарды колдонуу менен дисконттоо ставкасын чыгарууга мүмкүн болушу ыктымал.

B20 Кумулятивдик түзүлүш ыкмасын сүрөттөө үчүн, мисалы, А активи келишимде каралган бир жылдан кийин 800 а.б.[1] алуу укугун билдирет (башкача айтканда мындай учурда мөөнөт боюнча айкын эместик жок). Салыштыруучу активдер үчүн түзүлгөн рынок бар жана ушул активдер жөнүндө, анын ичинен баа жөнүндө маалымат жеткиликтүү болуп саналат. Аталган салыштырылуучу активдердин ичинен:

(a) В активи келишимде каралган бир жылдан кийин 1 200 а.б. алуу укугун билдирет, ал эми рыноктук баасы 1 083 а.б. түзөт. Ошентип болжолдонгон кирешелүүлүктүн жылдык ченеми (башкача айтканда бир жылдагы кирешелүүлүктүн рыноктук ченеми) 10,8 пайызды түзөт [(1 200 а.б./1 083 а.б.) – 1].

(b) С активи келишимде каралган эки жылдан кийин 700 а.б. алуу укугун билдирет, ал эми рыноктук баасы 566 а.б. түзөт. Ошентип болжолдонгон кирешелүүлүктүн жылдык ченеми (башкача айтканда эки жылдагы кирешелүүлүктүн рыноктук ченеми) 11,2 пайызды түзөт [(700 а.б./566 а.б.) ^0,5 – 1].

(c) Бардык үч актив тобокелдикке карата салыштырмалуу (башкача айтканда болушу ыктымал төлөмдөрдүн жана кредиттик сапаттын дисперсиясы).

B21 Эгер А активи боюнча алууга келишимде каралган төлөмдөр үчүн мөөнөттөрдү В активи жана С активи үчүн каралган мөөнөттөргө (башкача айтканда В активи үчүн бир жыл жана С активи үчүн эки жыл) салыштырсак, анда В активи А активи менен көбүрөөк салыштырмалуу болуп саналат. А активи боюнча (800 а.б.) келишимде каралган төлөм жана В активинин базасында чыгарылган бир жылдагы рыноктук ставка (10,8 пайыз) жөнүндө маалыматтарды пайдалануу менен А активинин адилет наркы 722 а.б. (800 а.б./1,108) өлчөмүндө аныкталат. Бирок В активи боюнча жеткиликтүү рыноктук маалыматтар болбогондо, жылдык рыноктук ставканы кумулятивдик түзүлүш методун колдонуу менен С активи боюнча маалыматтардан чыгарууга болмок. Мындай учурда С активи үчүн белгиленген эки жылдагы рыноктук ставка (11,2 пайыз) тобокелдиксиз кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынын убакыт ичиндеги түзүмүн колдонуу менен жылдык рыноктук ставкага чейин оңдоп-түзөтүлмөк. Бир жылдык жана эки жылдык активдер үчүн тобокелдикке премия бирдей болор/болбосун аныктоо кошумча маалыматты жана талдоону талап кылышы

[1] Ушул ФОЭСте акчалай суммалар «акча бирдиктеринде (а.б.)» берилген.

мүмкүн. Эгер бир жылдык жана эки жылдык активдер үчүн тобокелдикке премиянын бирдей эместиги аныкталса, анда эки жылдагы кирешелүүлүктүн рыноктук ченемин ушундай таасирди эске алуу менен кошумча түзөтүү керек болот.

B22 Дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөтүү ыкмасы бекитилген түшүүлөргө же төлөмдөргө колдонулганда, бааланууучу актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарына таандык тобокелдикке карата оңдоп-түзөө дисконттоо ставкасын эсептөөгө киргизилет. Айрым учурларда дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөтүү жолу белгиленген түшүүлөр же төлөмдөр болуп саналбаган акча каражаттарынын агымдарына колдонулганда, байкоо жүргүзүлүүчү активдин же милдеттенменин базасында дисконттоо ставкасы чыгарылган алар менен салыштырмалуулукка жетишүү үчүн акча каражаттарынын агымдарын оңдоп-түзөтүү талап кылынышы мүмкүн.

*Күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөө ыкмасы*

B23 Күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөө ыкмасын колдонууда башталгыч нокоту катарында бир катар акча каражаттарынын агымдары пайдаланылат, ал келечекте болушу ыктымал бардык акча каражаттарынын агымдарынын (башкача айтканда күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары) ыктымалдуулук даражасы боюнча орточо алынган суммасын билдирет. Жыйынтыгында алынган эсептик сумма күтүлгөн нарк менен бирдей, ал статистикалык туюнтмада салмак катарында ыктымалдуулуктун тийиштүү коэффициенттери колдонулуучу дискреттик кокустан өзгөрүлмөнүн болушу мүмкүн белгилеринин орточо алынган суммасын билдирет. Болушу ыктымал бардык акча каражаттарынын агымдары ыктымалдуулукту эске алуу менен эсептелгендиктен, күтүлгөн акча каражаттарынын агымынын эсептелген суммасы кандайдыр бир белгилүү окуянын пайда болушуна байланышкан шарттарды аткарууга (дисконттоо ставкасын оңдоп-түзөө ыкмасында колдонулуучу акча каражаттарынын агымдарынан айырмаланып) көз каранды эмес.

B24 Инвестициялоо жөнүндө чечим кабыл алууда тобокелдикке барбаган рыноктун катышуучулары иш жүзүндөгү акча каражаттарынын агымдары күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынан айырмаланышы мүмкүн тобокелдикти эске алышы мүмкүн. «Портфелдин теориясы» тобокелдиктин эки түрүнө бөлөт:

(a) системалык эмес (диверсификацияланган) тобокелдик, ал конкреттүү активге же милдеттенмеге мүнөздүү тобокелдикти билдирет;.

(b) системалык (диверсификацияланбаган) тобокелдик, ал актив же милдеттенме дагы, диверсификацияланган портфелдеги башка объекттер дагы дуушар болгон жалпы тобокелдикти билдирет.

«Портфелдин теориясы» тең салмактуу абалда турган рынокто рыноктун катышуучулары акча каражаттарынын агымдарына таандык алар кабыл алган системалык тобокелдикке гана компенсация алууга үмүт кылуусун болжолдойт. (Натыйжалуу болуп саналбаган же тең салмактуу абалда болбогон рыноктордо кирешенин же компенсациянын башка түрлөрү жеткиликтүү болушу мүмкүн.)

B25 Күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөөнүн 1-методу акча каражаттарынын агымдарынын айкын эместиги үчүн премияны алып салуу аркылуу системалык (башкача айтканда рыноктук) тобокелдикке карата актив боюнча күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын оңдоп-түзөтүүнү болжолдойт (башкача айтканда тобокелдикке карата түзөтүлгөн күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары аныкталат). Тобокелдикке карата түзөтүлгөн мындай күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары тобокелдиксиз пайыздык ставка боюнча дисконттолгон айкын эместик элементисиз агымга эквиваленттүү акча каражаттарынын агымын билдирет. Айкын эместик элементисиз агымга эквиваленттүү акча каражаттарынын агымы рыноктун катышуучусу үчүн айкын эместик элементисиз акча каражаттарынын агымдары менен

 © ФОЭС Фонду

күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы тандоо нейтралдуу болгондой кылып тобокелдикке карата оңдоп-түзөтүлгөн күтүлгөн акча каражаттарынын агымын болжолдойт (ушул терминдин аныктамасына ылайык). Мисалы, эгер рыноктун катышуучусу 1 200 а.б. өлчөмүндөгү күтүлгөн акча каражаттарынын агымын 1 000 а.б. өлчөмүндөгү шексиз акча каражаттарынын агымына алмаштырууну кааласа, анда 1 000 а.б. агымы 1 200 а.б. агымынын эквиваленттин билдирмек, бирок айкын эместик элементисиз (башкача айтканда 200 а.б. өлчөмүндөгү сумма акча каражаттарынын агымынын айкын эместиги үчүн премияны билдирмек). Мындай учурда рыноктун катышуучусу үчүн активдердин кайсынысын кармап турушу керектигин тандоонун айырмасы жок болмок.

B26 Жогоруда баяндалгандардан айырмаланып, күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөөнүн 2-методу тобокелдиксиз пайыздык ставкага карата тобокелдик үчүн премияны колдонуу аркылуу системалык (башкача айтканда рыноктук) тобокелдикти оңдоп-түзөөнү болжолдойт. Натыйжада, күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары ыктымалдуулук даражасы боюнча эсептелген акча каражаттарынын агымдарына тийиштүү күтүлүүчү ченемге дал келген ставка боюнча дисконттолот (башкача айтканда кирешелүүлүктүн күтүлүүчү ченеми боюнча). Капиталдык активдердин наркын аныктоо үлгүсү сыяктуу тобокелдүү активдердин баасын аныктоо үчүн колдонулуучу моделдер кирешелүүлүктүн күтүлүүчү ченемин баалоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Дисконттоо ставкасын оңдоо-түзөө жолун колдонууда пайдаланылган дисконттоо ставкасы белгилүү бир шарттарды аткарууга көз каранды акча каражаттарынын агымдарына тийиштүү кирешелүүлүк ченеми болуп саналгандыктан, ал күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөөнүн 2-методунда колдонулган дисконттоо ставкасынан жогору болот жана күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарына же ыктымалдуулук даражасы боюнча эсептелген акча каражаттарынын агымдарына тийиштүү күтүлүүчү кирешелүүлүк ченемин билдирет.

B27 1 жана 2-методдорду сүрөттөө үчүн, мисалы, айрым активдер боюнча бир жылдан кийин 780 а.б. өлчөмүндө акча каражаттарынын агымын алуу күтүлүүдө жана ушул сумма төмөндө көрсөтүлгөн болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарынын жана ыктымалдуулуктун негизинде аныкталган. Бир жылдык горизонт менен акча каражаттарынын агымдары үчүн колдонулган тобокелсиз пайыздык ставка 5 пайызды түзөт, ал эми ушундай эле профилдеги активге карата тобокелдик үчүн системалык премия 3 пайызды түзөт.

| Болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдары | Ыктымалдуулук | Ыктымалдуулук даражасы боюнча эсептелген акча каражаттарынын агымдары |
|---|---|---|
| 500 а. б. | 15% | 75 а. б. |
| 800 а. б. | 60% | 480 а. б. |
| 900 а. б. | 25% | 225 а. б. |
| Күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары | | 780 а. б. |

© IFRS Foundation 

B28 Ушул жөнөкөй мисалда күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары (780 а.б.) алардын пайда болуу ыктымалдуулук даражасы боюнча эсептелген үч болушу ыктымал жыйынтыктан орточо маанини билдирет. Көбүрөөк реалдуу кырдаалдарда мындай болушу ыктымал жыйынтыктар көп болушу мүмкүн. Бирок күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөө ыкмасын колдонуу үчүн татаал моделдерди жана методдорду колдонуу менен бардык болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарын бөлүштүрүүнү эске алуу дайыма эле талап кылынбайт. Мунун ордуна бардык болушу ыктымал акча каражаттарынын агымдарын бөлүштүрүүнү камтыган дискреттик сценарийлердин жана ыктымалдуулуктардын чектелген санын иштеп чыгууга болот. Мисалы, ишкана эсептөө үчүн кандайдыр бир релеванттуу өткөн мезгилде ишке ашырылган, рыноктун катышуучуларынын божомолдорун эске алуу менен, кийин пайда болгон кырдаалдардын өзгөрүүлөрүн (мисалы, тышкы факторлордун, анын ичинен экономикалык же рыноктук шарттардын, тармактык тенденциялардын жана атаандаштыктын өзгөрүүлөрүн, ошондой эле ишканага көбүрөөк түз таасир тийгизген ички факторлордун өзгөрүүлөрүн) эске алуу менен оңдоп-түзөтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын колдонушу мүмкүн.

B29 Теорияда актив боюнча акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы (башкача айтканда адилет наркы) аны аныктоо үчүн 1-метод же 2-метод колдонулгандыгына карабастан бирдей болот, тактап айтканда:

(a) 1-методду колдонгондо күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары системалык (башкача айтканда рыноктук) тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөтүлөт. Тобокелдикке карата оңдоо-түзөөнүн суммасын түз көрсөткөн рыноктук маалыматтар болбогондо, мындай оңдоо-түзөө айкын эместик элементисиз эквиваленттүү акча каражаттарынын агымдарынын концепциясына таянуу менен активдердин наркын аныктоо моделинин жардамы менен чыгарылышы мүмкүн. Мисалы, тобокелдикке карата оңдоо-түзөө (башкача айтканда акча каражаттарынын агымдарынын айкын эместик тобокелдиги үчүн 22 а.б. өлчөмүндө премия) тобокелдик үчүн системалык премияга карата 3 пайыз өлчөмүндө аныкталышы мүмкүн (780 а.б. – [780 а.б. × (1,05/1,08)]), натыйжада тобокелдикке карата оңдоп-түзөтүлгөн күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын 758 а.б. (780 а.б. – 22 а.б.) барабар суммасын бермек. 758 а.б. өлчөмүндөгү сумма 780 а.б. өлчөмүндөгү акча каражаттарынын агымынын эквивалентин билдирет, бирок айкын эместик элементисиз, жана тобокелсиз пайыздык ставка боюнча дисконттолот (5 пайыз). Ушул активдин келтирилген наркы (башкача айтканда адилет наркы) 722 а.б. түзөт (758 а.б./1,05).

(b) 2-методду колдонгондо күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары системалык (башкача айтканда рыноктук) тобокелдикке карата оңдоп-түзөтүлбөйт. Анын ордуна ушул тобокелдикке карата оңдоо-түзөө дисконттоо ставкасын эсептөөгө киргизилет. Ошентип күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары күтүлүүчү кирешелүүлүк ченемине барабар жана 8 пайыз ставка боюнча дисконттолот (башкача айтканда 5 пайыздык тобокелсиз пайыздык ставка плюс тобокелдик үчүн 3 пайыздык системалык премия). Ушул активдин келтирилген наркы (башкача айтканда адилет наркы) 722 а.б. (780 а.б./1,08) түзөт.

B30 Адилет наркты баалоо үчүн күтүлүүчү келтирилген наркты эсептөө ыкмасын колдонууда же 1-метод же 2-метод колдонулушу мүмкүн. 1-метод менен 2-методдун ортосунда тандоо бааланууучу активге же милдеттенмеге мүнөздүү фактыларга жана жагдайларга, жетиштүү көлөмдөгү зарыл маалыматтардын кандай көлөмдө болушуна жана колдонулуучу ой жүгүртүүлөргө көз каранды.


© ФОЭС Фонду

## Башка тараптар активдер катарында кармап турбаган ишкананын милдеттенмелерине жана өздүк үлүштүк инструменттерине карата келтирилген наркты эсептөө ыкмаларын колдонуу (40 жана 41-пункттар)

B31 Башка тараптар активдер (мисалы, объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу боюнча милдеттенме) катарында кармап турбаган милдеттенменин адилет наркын баалоо үчүн келтирилген наркты эсептөө ыкмасын колдонууда ишкана башкалардан тышкары, тийиштүү милдетти аткарууга байланыштуу рыноктун катышуучулары пайда болушун күткөн келечектеги акча каражатынын чыгышын баалоого тийиш. Мындай келечектеги акча каражатынын чыгышын баалоо ушул милдетти аткарууга кеткен чыгымдарга карата рыноктун катышуучуларынын күтүүлөрүн жана рыноктун катышуучусу ушул милдетти өзүнө алгандыгы үчүн талап кылышы мүмкүн компенсацияны камтышы керек. Мындай компенсация, рыноктун катышуучусу төмөнкүдөй иш-аракеттер үчүн талап кыла турган кирешени камтыйт:

(a) талап кылынган ишмердүүлүктү жүргүзүү (башкача айтканда тийиштүү милдетти аткаруунун наркы; мисалы, башка ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн колдонулушу мүмкүн ресурстарды пайдалануу зарылдыгы); жана

(b) ушул милдет менен байланышкан тобокелдикти кабыл алуу (башкача айтканда иш жүзүндөгү акчанын чыгышы күтүлгөн акча каражатынын чыгышынан айырмаланып турган тобокелдикти чагылдырган тобокелдик үчүн премия; B33-пунктту караңыз).

B32 Мисалы, финансылык эмес милдеттенме келишимде каралган кирешелүүлүк ченемин камтыбайт жана ушул милдеттенме үчүн байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук кирешелүүлүк болбойт. Айрым учурларда рыноктун катышуучулары талап кылышы мүмкүн киреше компонентин бири биринен бөлүүгө болбойт (мисалы, башка подрядчы бекитилген сыйакы катарында сурай турган бааны колдонууда). Башка учурларда ишкана мындай компоненттерди өз-өзүнчө баалоого тийиш (мисалы, башка подрядчы «чыгымдар плюс» принциби боюнча талап кыла турган бааны колдонууда, анткени мындай учурда подрядчы чыгымдардын көлөмүнүн келечекте өзгөрүү тобокелдигине дуушар болбойт).

B33 Ишкана тобокелдик үчүн премияны башкалар тараптан актив катарында кармалбаган ишкананын милдеттенмесинин же өздүк үлүштүк инструментинин адилет наркын баалоого төмөнкү ыкмалардын бири менен киргизе алат:

(a) акча каражаттарынын агымдарын оңдоп-түзөтүү менен (башкача айтканда акча каражатынын чыгышынын көлөмүн көбөйтүү катарында); же

(b) келечектеги акча каражаттарынын агымдарын алардын келтирилген наркына чейин дисконттоо үчүн колдонулуучу ставканы оңдоо-түзөө менен (башкача айтканда дисконттоо ставкасын азайтуу катарында).

Ишкана тобокелдикке карата оңдоо-түзөөнүн эки ыкмасы киргизилишине же анын киргизилбешине жол берилбегендигине ынанууга тийиш. Мисалы, эгер милдетке байланышкан тобокелдикти өзүнө алгандыгы үчүн компенсацияны эске алуу үчүн эсептик акча каражаттарынын агымдары көбөйсө, анда дисконттоо ставкасы ушул тобокелдикти чагылдыруу үчүн оңдоп-түзөтүлбөйт.

## Баалоо методдору үчүн баштапкы маалыматтар (67–71-пункттар)

B34 Айрым активдерге жана милдеттенмелерге (мисалы, финансылык инструменттерге) карата баштапкы маалыматтар байкоо жүргүзүлүшү мүмкүн рыноктордун мисалдары болуп төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

(a) *Биржалык рыноктор*. Биржалык рынокто жабуу баалары жөнүндө маалыматтар оңой жеткиликтүү жана, эрежедегидей, адилет наркка карата мүнөздүү болуп саналат. Мындай рынокко мисал болуп Лондондогу фонд биржасы саналат.

(b) *Дилердик рыноктор*. Дилердик рынокто дилерлер дайыма соодалашууга даяр (өзүнүн эсебинен сатып алууга же сатууга), муну менен алар өздөрү түзгөн рынокто объекттердин запасын колдоо үчүн өздөрүнүн капиталын пайдалануу аркылуу ликвиддүүлүктү камсыздашат. Эрежедегидей, сатып алуучунун баасы жөнүндө жана сатуучунун баасы жөнүндө маалыматтар (дилер сатып алууну каалаган бааны жана дилер сатууну каалаган бааны билдирген) жабуу баалары жөнүндө маалыматтарга караганда көбүрөөк жеткиликтүү болуп саналат. Биржадан тышкаркы рыноктор (баалар жарыяланган) дилердик рыноктор болуп саналат. Ошондой эле дилердик рыноктор активдердин жана милдеттенмелердин башка түрлөрү үчүн, анын ичинен айрым финансылык инструменттер, товарлар жана физикалык активдер (мисалы, мурда колдонулган жабдуу) үчүн иштейт.

(c) *Брокердик ортомчулук рыноктору*. Брокердик ортомчулук рыногунда брокерлер сатып алуучуларды сатуучулар менен жолугуштурууга аракет кылышат, бирок өзүнүн эсебинен соодалашууга даяр эмес. Башкача айтканда, брокерлер өздөрү түзгөн рынокто объекттер запасын колдоо үчүн өздөрүнүн капиталын колдонушпайт. Брокер тийиштүү тараптар сунуштаган жана сураган бааларды билет, бирок ар бир тарап, эрежедегидей, башка тараптын баа талабын билбейт. Бүткөрүлгөн операциялардын баалары жөнүндөгү маалымат кээде жеткиликтүү болот. Брокердик тейленген рыноктор сатууга жана сатып алууга өтүнмөлөр чогулган электрондук коммуникациялык тармактарды, ошондой эле коммерциялык жана турак кыймылсыз мүлк рынокторун өзүнө камтыйт.

(d) *Принципалдар рыногу*. Принципалдар рыногунда бүтүмдөр биринчи сатуу жана экинчи кайра сатуу катарында тараптар тарабынан ортомчуларсыз өз алдынча жүргүзүлөт. Мындай бүтүмдөр жөнүндөгү маалыматтардын анча чоң эмес көлөмү гана жалпыга жеткиликтүү болушу мүмкүн.

## Адилет нарктын иерархиясы (72–90-пункттар)

### 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар (81–85-пункттар)

B35 Конкреттүү активдер жана милдеттенмелер үчүн 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) *Бекитилген ставка боюнча түшүүлөрдү жана өзгөрүлмө ставка боюнча төлөмдөрдү караган, Лондондогу банктар аралык сунуштар ставкасынын (LIBOR) своп ставкасына негизделген пайыздык своп.* LIBORго негизделген своп ставка 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарга киргизилет, эгер ушул ставка своптун бардык колдонуу мөөнөтүнүн ичинде стандарттык бааланган интервалдар боюнча байкоо жүргүзүлсө.

(b) *Бекитилген ставка боюнча түшүүлөрдү жана өзгөрүлмө ставка боюнча төлөмдөрдү караган, чет өлкөлүк валютада берилген кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгына негизделген пайыздык своп.* 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп чет өлкөлүк валютада берилген кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгына негизделген своп ставка болот жана бул ставка своптун бардык колдонуу мөөнөтүнүн ичинде стандарттык бааланган интервалдар боюнча байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналат. Мындай кырдаал, эгер своптун мөөнөтү 10 жылды түзгөн, ал эми своп ставка 9 жыл бою стандарттык бааланган

 © ФОЭС Фонду

интервалдар боюнча байкоо жүргүзүлгөн учурга таандык, кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынын бардык негизделген экстраполяциясы 10-жылы бүтүндөй своптун адилет наркын баалоо үчүн маанилүү болбогон шартта.

(c) *Бекитилген ставка боюнча түшүүлөрдү жана өзгөрүлмө ставка боюнча төлөмдөрдү караган, белгилүү бир банктын базалык ставкасына негизделген пайыздык своп.* 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп экстраполяциянын жардамы менен алынган ушул банктын базалык ставкасы болот, эгер экстраполяцияланган мааниси байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтар менен тастыкталса, мисалы, своптун бардык колдонуу мөөнөтүнүн ичинде байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналган кандайдыр бир пайыздык ставка менен корреляциянын болушу.

(d) *Биржада жүгүртүлгөн акцияларга үч жылдык опцион.* 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп 3-жылда экстраполяциянын жардамы менен алынган акциялардын болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүгү болот, төмөнкү эки шарт болгондо:

(i) бир жылдык жана эки жылдык опциондордун баалары бул акцияларга байкоочу болуп саналат;

(ii) үч жылдык опциондун экстраполяцияланган болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүгү опциондун бүткүл колдонуу мөөнөтүнүн ичинде байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтар менен тастыкталат.

Бул учурда болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүк ушул акцияларга бир жылдык жана эки жылдык опциондор боюнча болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүктү экстраполяциялоо аркылуу алынышы мүмкүн жана бир жылдык жана эки жылдык болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүк менен корреляциянын болушу аныкталган шартта салыштырылуучу ишканалардын акцияларына үч жылдык опциондор боюнча болжолдуу өзгөрүлмөлүүлүк тастыкталышы мүмкүн.

(e) *Лицензиялык макулдашуу.* Бизнестерди бириктирүүнүн алкагында сатып алынган жана сатып алган ишкана тарабынан (лицензиялык макулдашуу боюнча бир тарап болуп саналган) байланышпаган тарап менен жакында бекитилген лицензиялык макулдашуу үчүн 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп ушул лицензиялык макулдашуу бекитилген учурда аталган байланышпаган тарап менен келишимдеги роялти ставка болот.

(f) *Чекене соода түйүнүндөгү даяр продукциянын запастары.* Бизнестерди бириктирүүнүн алкагында сатып алынган даяр продукциянын запастары үчүн 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп же чекене рынокто сатып алуучулар үчүн баа же дүң рынокто чекене сатуучулар үчүн баа болот, ал адилет наркты баалоо сатуу боюнча зарыл иш-аракеттерди бүтүргөн башка чекене сатуучуга запастарды сатуу боюнча операцияда алынышы мүмкүн бааны чагылдырышы үчүн запастардын ушул объекти менен запастардын салыштырылуучу (башкача айтканда, ушундай) объекттеринин ортосундагы абалдын жана жайгашкан жердин айырмаларын эске алуу менен оңдоп-түзөтүлөт. Концептуалдык жактан адилет наркты баалоо чекене баа (азаюу жагына) же дүң баа (көбөйүү жагына) оңдолуп-түзөлөөрүнө/түзөлбөсүнө карабастан бирдей болот. Эрежедегидей, адилет наркты баалоо үчүн субъективдүү оңдоо-түзөөлөрдүн эң аз санын талап кылган баа колдонулууга тийиш.

(g) *Кармалып турган жана колдонулуучу имарат.* 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтардын негизинде алынган ушул имараттын чарчы метри үчүн баа болот (бааланууучу мультипликатор), мисалы, ушундай жерде жайгашкан салыштырылуучу (башкача айтканда, ушундай) имараттар менен жүргүзүлгөн байкоо

жүргүзүлүүчү операциялар боюнча баалардын негизинде алынган мультипликаторлор.

(h) *Акча каражаттарынын агымдарын жаратуучу бирдик.* 2-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтардын негизинде алынган баалануучу мультипликатор болот (мисалы, пайдага же түшкөн кирешеге же ишмердүүлүктүн ушундай көрсөткүчүнө эселүү мультипликатор), мисалы, операциялык, рыноктук, финансылык жана финансылык эмес факторлорду эске алуу менен салыштырылуучу (башкача айтканда, ушундай) бизнестер менен жүргүзүлгөн байкоо жүргүзүлүүчү операциялар боюнча баалардын негизинде алынган мультипликаторлор.

## 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар (86–90-пункттар)

B36 Конкреттүү активдер жана милдеттенмелер үчүн 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтардын мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) *Узак мөөнөттүү валюталык своп*. 3-деңгээлге тийиштүү баштапкы параметр болуп байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналбаган жана котировкага ээ стандарттык интервалдар менен байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтар менен тастыкталышы же валюталык своптун бардык колдонуу мөөнөтүнө карата башка ыкма менен тастыкталышы мүмкүн эмес белгилүү бир валютадагы пайыздык ставка болот. Валюталык своп боюнча пайыздык ставкалар – тийиштүү өлкөлөрдүн кирешелүүлүгүнүн өзгөрүү сызыктарынын негизинде эсептелген своп ставкалар.

(b) *Биржада жүгүртүлгөн акцияларга үч жылдык опцион.* 3-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп өткөн мезгилдердеги өзгөрүлмөлүүлүк болот, башкача айтканда акцияларга карата баштапкы баалардын негизинде алынган акциялардын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн көрсөткүчү. Өткөн мезгилдердеги өзгөрүлмөлүүлүк, эрежедегидей, рыноктун катышуучуларынын келечектеги өзгөрүлмөлүүлүккө карата учурдагы күтүүлөрүн чагылдырбайт, эгер ал опциондун баасын аныктоо үчүн жеткиликтүү жалгыз маалымат булагы болуп саналса дагы.

(c) *Пайыздык своп.* 3-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналбаган жана кандайдыр бир башка түрдө байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтар менен тастыкталышы мүмкүн эмес маалыматтарды колдонуу менен алынган ушул своптун орточо рыноктук «консенсустук» (милдеттендирбеген) баасын оңдоп-түзөтүү болот.

(d) *Бизнестерди бириктирүүдө өзүнө алган, объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу боюнча милдеттенме.* 3-деңгээлдеги баштапкы параметр болуп ишкананын жеке маалыматтарынын, тийиштүү милдеттерди аткаруу үчүн (ушул милдетти аткарууга байланышкан чыгымдарга карата рыноктун катышуучуларынын күтүүлөрүн жана активди демонтаждоо боюнча милдетти кабыл алгандыгы үчүн рыноктун катышуучусу талап кыла турган компенсацияны кошкондо) төлөөнү талап кылган келечектеги акча төлөмдөрүнүн негизинде учурдагы эсептик баа болот, рыноктун катышуучулары башка божомолдорду колдонушу мүмкүндүгүн көрсөткөн негизделген жеткиликтүү маалыматтар болбогон шартта. 3-деңгээлдеги аталган баштапкы маалыматтар башка баштапкы маалыматтар менен бирге, мисалы, учурдагы тобокелсиз пайыздык ставка менен же кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн тобокелсиз ставка менен келтирилген наркты эсептөөдө колдонулушу мүмкүн, эгер ушул милдеттенменин адилет наркына карата ишкананын кредиттик позициясынын таасири акча каражаттарынын келечекте чыгып кетишинин эсептик көлөмүндө эмес, дисконттоо ставкасында чагылдырылса.

 © ФОЭС Фонду

(e) *Акча каражаттарынын агымдарын жаратуучу бирдик*. 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар болуп ишкананын жеке маалыматтарын колдонуу менен иштелип чыккан финансылык болжолдоолор (мисалы, акча каражаттарынын агымдарына же пайдага же зыянга карата) болот, рыноктун катышуучулары башка божомолдорду колдонушу мүмкүндүгүн көрсөткөн негизделген жеткиликтүү маалыматтар болбогон шартта.

## Активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайган учурда адилет наркты баалоо

B37 Активдин же милдеттенменин адилет наркына ушул активге же милдеттенмеге (ушундай активдерге же милдеттенмелерге) карата рыноктогу демейки активдүүлүккө салыштырмалуу ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайышы таасир тийгизет. Колдо болгон далилдердин негизинде ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайган/азайбаганын аныктоо үчүн ишкана төмөнкүдө көрсөтүлгөн факторлордун маанилүүлүгүн жана жөндүүлүгүн баалоого тийиш:

(a) акыркы убакта бир канча сандагы бүтүмдөр түзүлгөн;

(b) баалардын котировкасы учурдагы маалыматтардын негизинде түзүлбөйт;

(c) баалардын котировкасы көбүнчө же убакыт аралыгында же маркет-мейкерлер ичинде өзгөрүлөт (мисалы, айрым брокердик ортомчулук рынокторунда);

(d) тийиштүү активдин же милдеттенменин адилет наркынын көрсөткүчтөрү менен мурда жогорку корреляцияга ээ болгон индекстер азыр аталган активдин же милдеттенменин адилет наркынын убакыт боюнча акыркы көрсөткүчтөрү менен корреляцияланбаганын көрсөтүүгө болот;

(e) ушул актив же милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдик жана милдеттенмелерди аткарбоонун башка тобокелдиктери жөнүндөгү бардык жеткиликтүү рыноктук маалыматтарды эске алуу менен ишкана тарабынан жасалган күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын эсептик баалоо менен салыштырганда байкоо жүргүзүлүүчү операциялар же баалар котировкалары боюнча ликвиддүүлүк тобокелдиги, кирешелүүлүк көрсөткүчү же ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу үчүн (мөөнөтү өткөн карыздын көрсөткүчтөрү же зыяндын көлөмү сыяктуу) болжолдонуучу премияны бир топ жогорулатуу;

(f) сатуучунун баасы менен сатып алуучунун баасынын ортосундагы кеңири спрэд же сатуучунун баасы менен сатып алуучунун баасынын ортосундагы спрэдди бир кыйла жогорулатуу;

(g) рыноктогу активдүүлүк деңгээлин бир кыйла азайтуу же тийиштүү активге же милдеттенмеге же болбосо ушундай активдерге же милдеттенмелерге карата жаңы чыккандар үчүн рыноктун (башкача айтканда баштапкы рыноктун) жоктугу;

(h) маалыматтын анча чоң эмес көлөмү гана жалпыга жеткиликтүү болуп саналат (мисалы, принципалдар рыногунда жүргүзүлүүчү операциялар жөнүндө).

B38 Эгер ишкана ушул активге же милдеттенмеге (же ушундай активдерге же милдеттенмелерге) карата рыноктогу демейки активдүүлүккө салыштырмалуу ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүүктүн көлөмү же деңгээли бир топ азайды деген жыйынтыкка келсе, операцияларга же баалар котировкаларына кошумча талдоо жүргүзүү зарыл. Активдүүлүүктүн көлөмүнүн же деңгээлинин азайышы операциянын баасы же баалар котировкасы адилет наркты билдирбейт же ушул рыноктогу операция демейки операция болуп саналбайт дегенди түшүндүрбөйт.

Бирок, ишкана операциянын баасы же баалар котировкасы адилет наркты чагылдырбаганын аныктаса (мисалы, демейки операциялар болуп саналбаган операциялар болсо), операциялардын баасын же баалар котировкасын оңдоп-түзөө талап кылынат, эгер ишкана бул бааларды адилет наркты баалоо үчүн негиз катарында пайдаланса жана мындай оңдоп-түзөтүү бүтүндөй адилет наркты баалоо үчүн маанилүү болсо. Ошондой эле оңдоп-түзөөлөр башка кырдаалдарда дагы талап кылынышы мүмкүн (мисалы, ушундай активди баалануучу актив менен салыштыруу үчүн ушундай активге карата бааны бир кыйла оңдоп-түзөө талап кылынса же баа жөнүндө маалымат эскирсе).

B39 Ушул стандарт операциялар маалыматтарга же баалар котировкасына олуттуу оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү жолун көрсөтпөйт. 61–66 жана B5–B11-пункттарында адилет наркты баалоо үчүн баалоо методдорун колдонуу маселелери каралат. Кайсы баалоо методу колдонулганына карабастан, ишкана тобокелдикке тийиштүү оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүгө тийиш, рыноктун катышуучулары актив же милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарына таандык айкын эместик үчүн компенсация катарында талап кылышы мүмкүн сумманы чагылдырган тобокелдик үчүн премияны кошкондо (B17-пунктту караңыз). Антпесе баалоо адилет наркты туура көрсөтпөйт. Айрым учурларда тобокелдикке карата тийиштүү оңдоп-түзөөлөрдү аныктоо кыйынчылыктар менен коштолушу мүмкүн. Бирок кыйынчылыктардын баскычынын өзү тобокелдикке карата оңдоп-түзөөлөрдү жоюу үчүн жетиштүү себеп болуп саналбайт. Тобокелдикке карата оңдоп-түзөө учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операцияларынын чагылдырылышы болууга тийиш.

B40 Эгер ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайса, анда баалоо методун өзгөртүү же бир нече баалоо методдорун колдонуу туура болот (мисалы, рыноктук ыкманы жана келтирилген наркты эсептөөнү колдонуу). Бир нече баалоо методдорун колдонуунун натыйжасында алынган адилет нарктын көрсөткүчтөрүн эсептөөдө, ишкана адилет наркты баалоо диапазонунун негиздүүлүгүн карашы керек. Максат учурдагы рыноктук шарттарда адилет нарк үчүн эң жогору көрсөткүч болуп саналган ушул диапазондун чегиндеги сумманы аныктоодо турат. Адилет наркты баалоонун кеңири диапазону кошумча талдоо жүргүзүү зарылдыгын көрсөтүшү мүмкүн.

B41 Ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайса дагы, адилет наркты баалоонун максаты мурдагыдай калат. Адилет нарк учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда жүргүзүлгөн демейки операциянын жүрүшүндө активди сатуудан алынышы мүмкүн же милдеттенмени өткөрүп берүү максатында төлөнүшү мүмкүн бааны билдирет (башкача айтканда мажбурлап жоюуда же аргасыздан сатууда эмес).

B42 Ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайганда, рыноктун катышуучулары учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата операцияны жүргүзүүнү каалаган бааны эсептик баалоо баалоо күнүнө карата болгон фактылардан жана жагдайлардан көз каранды жана ой жүгүртүүнү талап кылат. Ишкананын активди кармап туруу же жөнгө салуу же болбосо башка ыкма менен милдеттенмени аткаруу ниети адилет наркты баалоодо мааниге ээ эмес, анткени адилет нарк ишканага мүнөздүү бааны эмес, рыноктук маалыматтарга негизделген бааны билдирет.

### Демейки эмес операцияларды идентификациялоо

B43 Кандайдыр бир операциянын демейки операция (же андай эмес) экендигин аныктоо кыйын, эгер ушул активге же милдеттенмеге (же ушундай активдерге же милдеттенмелерге) карата рыноктогу демейки активдүүлүккө салыштырмалуу активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайган

 © ФОЭС Фонду

учурда. Мындай жагдайларда ушул рыноктогу бардык операциялар демейки операциялар болуп саналбагандыгы жөнүндө корутунду чыгарууга болбойт (башкача айтканда мажбурлап жоюуну же аргасыздан сатууну билдирет). Операциялардын демейки эместигин көрсөткөн жагдайлар төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) Учурдагы рыноктук шарттарда ушундай активдерге же милдеттенмелерге карата операциялар үчүн ушул рыноктогу демейки жана кабыл алынган иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн жетиштүү баалоо күнүнө чейин объекттин бир нече убакыт бою рынокто сунушталгандыгы жөнүндө фактылар болгон эмес.

(b) Ушул рынокто объектти сунуштоонун демейки жана кабыл алынган мезгили болуп өттү, бирок сатуучу ушул активди же милдеттенмени рыноктун бир катышуучусуна гана сунуштады.

(c) Сатуучу банкроттук же конкурстук башкаруу абалында же болбосо банкроттук же конкурстук башкарууга жакын абалда турат (башкача айтканда сатуучу ушул операцияны жүргүзүүгө аргасыз).

(d) Сатуучу ченемдик же юридикалык талаптарды аткаруу үчүн сатууга милдеттүү болгон (башкача айтканда сатуучу бүтүм түзүүгө аргасыз болгон).

(e) Операциянын баасы ушундай эле актив же милдеттенме менен жакында түзүлгөн башка операциялардын баасынан бир топ айырмаланат.

Ишкана бардык жеткиликтүү далилдердин негизинде демейки операция болуп саналаарын аныктоо үчүн жагдайларды баалоого тийиш.

B44 Ишкана адилет наркты баалоодо же рыноктук тобокелдик үчүн премиянын өлчөмүн аныктоодо төмөндө көрсөтүлгөн бардык аспекттерди карашы керек:

(a) Эгерде демейки операция болуп саналбаганына далилдер болсо, анда ишкана мындай операциянын баасына аз салмак ыйгарышы керек же эч кандай салмак ыйгарбашы керек (адилет нарктын башка индикаторлоруна салыштырганда).

(b) Эгерде демейки операция болуп саналганына далилдер болсо, ишкана мындай операциянын баасын эске алууга тийиш. Адилет нарктын башка көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу операциянын мындай баасына маани берүү баскычы төмөнкүдө көрсөтүлгөн фактыларга жана жагдайларга көз каранды болот:

    (i) операциянын көлөмү;

    (ii) операциянын баалануучу актив же милдеттенме менен салыштырмалуулугу;

    (iii) операция жүргүзүү күнүнүн баалоо күнүнө жакындыгы.

(c) Эгер ишканада ушул операция демейки операция болуп санаалары жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүндүк берген жетиштүү маалымат болбосо, ишкана ушул операциянын баасын эске алууга тийиш. Бирок ушул операциянын баасы адилет наркты билдирбеши мүмкүн (башкача айтканда операциянын баасы адилет наркты баалоо же рыноктук тобокелдик үчүн премиянын эсептик суммасын аныктоо үчүн дайыма эле жалгыз же башкы негиз болуп саналбайт). Эгер ишканада белгилүү бир операциялар демейки операциялар болуп саналаары жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүндүк берген жетиштүү маалымат болбосо, ал демейки операциялар болуп саналаары белгилүү болгон башка операцияларга салыштырмалуу мындай операциялар жөнүндө маалыматтарга аз маани бериши керек.

Ишканага операциянын демейки операция болуп саналаарын аныктоо үчүн ашкере күч-аракет жумшоонун зарылдыгы жок, бирок ал негизделген жеткиликтүү маалыматтарды жокко чыгарбашы керек. Эгер ишкана операциянын бир тарабы болуп

саналса, анда ушул операция демейки операция болуп санаалары жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүндүк берген жетиштүү маалыматка ээ деп болжолдонот.

### Үчүнчү жактар тарабынан берилген баалар котировкасын колдонуу

B45 Ушул стандарт баалар жөнүндөгү маалыматтар бюросу же брокерлер сыяктуу үчүнчү жактар тарабынан берилген баалар котировкасын колдонууга тыюу салбайт, эгер ишкана ушул тараптар берген баалар котировкасын ушул стандартка ылайык түзүлгөн деп аныктаса.

B46 Ушул активге же милдеттенмеге карата активдүүлүктүн көлөмү же деңгээли бир кыйла азайган учурда, ишкана үчүнчү жактар тарабынан берилген баалар котировкасы демейки операцияларды чагылдырган учурдагы маалыматтардын негизинде же рыноктун катышуучуларынын божомолун чагылдырган (тобокелдик жөнүндө божомолду кошкондо) баалоо методун колдонуу менен түзүлгөндүгүн аныктоого тийиш. Адилет наркты баалоо үчүн баштапкы параметр катарында баалар котировкасынын салмагын аныктоодо, ишкана операциялардын жыйынтыгын чагылдырбаган котировкаларга аз салмак ыйгарат (операциянын жыйынтыгын чагылдырган адилет нарктын башка көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу).

B47 Андан тышкары, болгон далилдерди таразалоодо котировканын мүнөзү эске алынышы керек (мисалы, ушул котировка индикативдүү баа же милдеттендирүүчү сунуш болуп саналабы), ошол эле учурда үчүнчү жактар тарабынан берилген, милдеттендирүүчү сунушту билдирген котировкага көп салмак ыйгарылат.

 © ФОЭС Фонду

## С тиркемеси
## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

*Ушул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана өзүнүн күчү боюнча ушул стандарттын башка бөлүмдөрү менен теңдеш.*

C1 Ишкана ушул стандартты 2013-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул стандартты алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

C2 Ушул стандарт ал алгачкы колдонулган жылдык мезгилдин башынан тартып перспективдүү колдонулушу керек.

C3 Ушул стандартта каралган маалыматтарды ачып көрсөтүү боюнча талаптар ушул стандартты алгачкы колдонуудан мурдагы мезгилдерге карата берилген салыштырмалуу маалыматтар үчүн колдонулбашы керек.

C4 2013-жылдын декабрында чыккан «*ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2011-2013-жж. аралыгы*» документи менен 52-пунктка өзгөртүү киргизилген. Ишкана аталган түзөтүүнү 2014-жылдын 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге колдонууга тийиш. Ишкана ушул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 13 алгачкы колдонулган жылдык мезгилдин башынан тартып перспективдүү колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата мөөнөтүнөн мурда колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

C5 2014-жылдын июлунда чыккан ФОЭС (IFRS) 9 52-пунктка өзгөртүү киргизген. Ишкана аталган түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 9 менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

C6 2016-жылдын январында чыккан «*Ижара*» ФОЭС (IFRS) 16 6-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана аталган түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 16 менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

© IFRS Foundation